3

"Мандат бөлүшүүдө ар кандай кырдаал болушу мүмкүн"



9

К.Эралиева: «Иштен кечиксең күтүп сыртта жүрөт»




# САРЕСЕП

15-октябрь, 2015-жыл
№22 (22)
saresep.kg
Калыс көз караш!




# Ипотека чындыкпы же кыялбы?

7-бетте




Б.Бөрүбашев: "Шайлоодо бийлик менен байлык жеңди"

5-бетте



Мектепке баруу өлүмгө барабар

6-бетте




Чудинову берген байталды Сариеви кайтарды


11-бетте



Айнура Эргешова: "Бизде спортчу - бул ат"

13-бетте



## Кыргызстанда жеке мал доктурлардын ассоциациясы иштейт

“Кабар” агенттигинин билдирүүсүнө караганда Бишкек шаарында БУУнун азык-түлүк жана айыл чарба уюмунун Жеке мал доктурлардын ассоциациясын түзүү боюнча долбоору расмий ишке киргизилгенин уюмдун маалымат кызматы билдирди.

Долбоор Айыл чарба жана мелиорация министрлиги, Ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекция, Ветеринардык палата, Дүйнөлүк банк менен биргеликте эки жылда ишке ашат.

Кыргызстанда мамлекеттик ветеринардык кызмат 1991-жылдан тарта солгундай баштаган. Бул кызматты кайра жандандыруу 2000-жылы башталган. 2007-жылы ветеринария жаатындагы абалды жакшыртуу үчүн жаныбарлардын саламаттыгын коргоо боюнча Дүйнөлүк уюм Мал доктурлардын ассоциациясын түзүүнү сунуштаган. 2015-жылы кыргыз өкмөтү Азык-түлүк жана айыл чарба уюмуна Кыргызстанда жеке ветеринарлардын ассоциациясын түзүүгө техникалык жардам берүү өтүнүчү менен кайрылган.



## Баткенде окуучулар арасында аскердик мелдеш өткөрүлдү

Баткен облусундагы Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин 3-өзгөчө издөө-куткаруу отряды “Эл аралык бөөдө кырсыктардын коркунучун азайтуу күнүнө” арналган аскердик эстафетасын өткөрдү. Бул тууралуу Баткен облустук мусулмандар казыятынын маалымат катчысы кабарлады.

Аскердик эстафетага Баткен шаарындагы В.И Ленин, Жоомарт Бөкөнбаев атындагы орто мектеби жана Баткен гимназиясы, №3 мектептин окуучулары, ошондой эле “Муьаз ибн Жабал” медресесинни студенттери катышышты.

“Уюштуруучулар аскерлердик техника, куралдар, жатакана жана тамак-аштар менен таанышып, аскерлер тарабынан даярдалган өзгөчө кырдаалдарда сактануу жол-жоболорун иш жүзүндө окуучуларга көрсөтүп беришти”, – деди казыяттын маалымат катчысы.

Аскердик эстафетадага катышкан“Муьаз ибн Жабал” медресесинин командасы 5 команда арасында автоматты бат чачуу, жыйноо боюнча жарышта өздөрүн артыкчылыгын көрсөтүшкөндүгү үчүн I даражадагы диплом менен сыйланган.

# Мандат талашта тарттыргандар



Кечээ 14-октябрда кечке жуук Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясынын (БШК) мүчөлөрү үч саясий партиянын 4-октябрда өткөн парламенттик шайлоо алдында беришкен депутаттыкка талапкерлеринин тизмелеринен жалпысынан 110 адамды алып салды.

БШКнын уюштуруу бөлүмүнүн эксперти Айбек Өмүралиевдин айтуусунда жеке өзүлөрүнүн арыздарына ылайык "Республика – Ата-Журт" партиясынан 55 талапкер, “Кыргызстан” партиясынан 44 жана “Өнүгүү-Прогресстен” 11 талапкер шайлоого чейин берилген тизмелерден өз каалоолору менен чыгарылышты.

БШКнын башка өкүлү Рашид Бекбасаров “Өнүгүү-Прогресс” партиясынын тизмеси менен шайлоого катышкан Сабирова Хулкарпаша башка мамлекеттин жараны болуп чыккандыгынан улам тизмеден чыгарылган. Бул чечим КРдин Конституциясынын 70, 73-беренелерине жана “КРдин шайлоо комиссиялары тууралуу” мыйзамына ылайык кабыл алынган.

Азырынча КСДП, “Бир Бол” жана “Ата Мекен” партияларынан тизмеден чыгуу боюнча арыздар келип түшө элек.

Белгилей кетсек, талапкерлердин тизмеден чыгышы мандат бөлүштүрүү процессине байланыштуу болууда. “Шайлоодо жетиштүү добуш алган талапкер тизменин арт жагында болсо, ага мандат берүү үчүн тизменин алдындагы, бирок аз добуш алган талапкерлер тизмеден алынышы шарт. Мыйзамга ылайык, талапкер өз арызы менен гана тизмеден чыга алат. Аны “Арыз жаз” деп кыйнаганга эч кимдин укугу жок деп билдирет”, – БШК.

# Бүгүн V чакырылыштын депутаттары ишин расмий токтотот

Бүгүн, 15-октябрда V чакырылыштагы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин сессиясынын расмий жабылуу аземи болот. Бул тууралуу Жогорку Кеңештин басма сөз кызматы билдирди.

2010-жылдын 10-ноябрында V чакырылыштын депутаттары эң алгачкы жыйынын өткөрүшүп, ыйгарым укуктарын аткарууга киришишкен. 5 жыл аралыгында Жогорку Кеңештин 374 жыйыны өтүп, анда 1377 мыйзам долбоору каралган. Анын ичинен 1140 мыйзам кабыл алынып, 1018ине Президент кол койгон.




## Кытайда ШКУнун “Сямынь-2015" интернет окуусу өтүүдө

Sputnik агенттиги билдиргендей, 2015-жылдын 14-октябрында Кытай Эл Республиканын аймагында Шанхай кызматташтык уюмунун (ШКУ) Региональдык терроризмге каршы тутумунун (РТКТ) кеңешинин кабыл алынган чечимине ылайык, Интернет тарамын террористтик, сепаратисттик жана экстремисттик максатта колдонуу менен күрөшүү боюнча “Сямынь-2015” биринчи биргелешкен штабдык окуу өтүүдө.

“Сямынь-2015” окуусунун негизги максаты: Интернет тарамын террористтик, сепаратисттик жана экстремисттик максатта колдонууга бөгөт коюу боюнча ШКУнун мүчө мамлекеттеринин өз ара аракет жолдорунун механизмдерин жакшыртуу.

Жүргүзүлгөн иш-чарада мүчө мамлекеттердин компетенттүү башкаруу органдары жана өздүк курамы Интернет тарамында террористик уюмдардын бузуку ишмердигин табуу, алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча атайын иш-чараларды пландоо, даярдоо жана жүргүзүү боюнча көндүмдөрүн мыктыламакчы.

“Сямынь-2015” окуусуна катышкан делегациялардын жетекчилери региондогу тынчтыкты жана коопсуздукту сактоо боюнча ШКУнун мамлекеттеринин компетенттүү органдарынын өз ара аракеттери менен кызматташтыгын чыңдоо үчүн мындай иш-чараларды дайыма жүргүзүүгө даяр экенин билдиришти.




## Майлуу-Суу мэрсиз калды



Борбордук шайлоо комиссиясынын маалымат катчысы Азиз Жабиев билдиргендей, 14-сентябрга белгиленген Жалал-Абад облусуна караштуу Майлуу-Суу шаарынын мэрин шайлоо болбой калды. Себеби шаар башчылыкка аттангысы келген бир гана адамдын аты аталып, жыйынтыгында ал да өз талапкерлигин алып койгондугу себеп болду. Буга чейин БШК мэр тандоо күнүн 25-сентябрга белгилеген эле. Бирок жыйынга жергиликтүү депутаттардын көбү келбегендиктен, шайлоо 14-сентябрга жылдырылган.

Эскерте кетсек, Майлуу-Суу шаарынын мурунку мэри Кыянбек Сатыбалдиевди шаардык кеңеш бала бакчанын имаратын капиталдык оңдоп-түзөөдө 900 миң сомдук каражатты ашыкча пайдалангандыгын аныктап чыгып, жумуш ордунан алуу токтомун кабыл алган. Учурда Сатыбалдиев шайлоого КСДП партиясы аркылуу катышып, бул партиянын тизмесинде 34-орунга татыктуу болгон.

# Лунара Мамытова: "Мандат бөлүшүүдө ар кандай кырдаал болуп кетиши мүмкүн"




Конституцияны шылтоо кылбай, бир мандаттуу округдардан мажоритардык шайлоо кылса болмок. Азыр соодалашуу маселеси да күч. Айрым капчыгы калыңдар башка акчасы аз талапкерлердин ордун "сылык" мажбурлоо жолу менен тартып алып, оюндан четтетүүсү бышык. Бул боло турган иш

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА

Өшентип 4-октябрь күнү Жогорку Кеңештин 6-чакырылышына да эл өкүлдөрүн шайлап алдык. Өлкөнүн көрүнүктүү саясат таануучуларынан тартып, шайлоо процессине көз чаптырган байкоочулар да бир добуштан бул шайлоо Кыргызстандын тарыхында биринчи ирет жогорку деңгээлде таза өткөндүгүн, президент шайлоону таза өткөрүү менен тарыхый иш жасагандыгын жапырт баамдап отурушат. Ал эми кээ бир серепчилер бул жолку парламентке олигархтар, б.а., аброю бийик болгон бизнес өкүлдөрү басымдуулук кылары айтылууда. Бүгүн журт аламанга аттанган 14 партиянын ичинен татыктуусун тандап, кимдин ким экенин билишинче өз таразасынан өткөрдү. Эми болсо "Өлкөнүн эртеңки келечеги кимдин колуна өтүп, парламентке кимдер келет" сыяктуу суроолорго жооп изделе башталды. Партиялар тизмесин тактап, буга чейинки сүйлөшүлгөн ички макулдашууга ылайык БШКга шайлоонун расмий жыйынтыгын чыгарганга чейин депутат боло тургандар боюнча маалымат берүүгө тийиш. Мандат бөлүштүрүү ыкмасы талапкерлер арасында ар кандай шартта өтөрү анык. Буга чейин партиялар ортосунда кызуу атаандаштык болуп келсе, эми 7%дык босогону ашкан ар бир партиянын ичинде мандат талашуу башталып, талапкерлердин арасында өз ара араздашуу күч алган кези.



Жүрүшкө көз чаптырып, баамын берип келген **саясий серепчи Эркин Абдразаков** бул процесс мыйзам талабына жараша жүргүзүлүүсү шарт экенин, антсе да азыр ар кимдин өзүнүн салымына жараша деген принцип кетип атканын белгиледи.

– Мандат бөлүштүрүү жараяны мыйзам боюнча аныкталышы керек. Бул Боршайкомго шайлоого чейинки берилген тизме боюнча мандаттар ыйгарылышы керек деген кеп. Бирок баары бир кайран кыргызчылыктын жеңери белгилүү болуп турат. Орунду бөлүшүү талапкерлердин кимиси кайсы округдан канча пайыз добуш топтосо, ошого жараша мандатка ээлик кылуу кейипте жүрүп жатат. Андай болсо, Конституцияны шылтоо кылбай эле, бир мандаттуу округдагы мажоритардык шайлоо тутумун киргизип коюшса болмок. Андан тышкары азыр соодалашуу маселеси да күч. Айрым капчыгы калыңдар башка акчасы аз талапкерлердин ордун "сылык" мажбурлоо жолу менен тартып алып, оюндан четтетүүсү бышык. Бул боло турган иш.



Бирок **"Өнүгүү-Прогресс" партиясынан депутаттыкка талапкер Исхак Масалиев** маалымат булактарынын бирине мындай жагдайда алган добуштардын санына жараша мандат бөлүнүүсү шарт экенине токтолгон.

– Эч кимди эч ким күчкө сала албайт. Буга партиянын да укугу жок. Талапкер "Мен эч кандай добуш ала алган жокмун, ошого байланыштуу мени тизмеден чыгаргыла" деп, моюнуна алып кайрылышы мүмкүн. Меники мурдагы сүйлөшкөн боюнча башкача. Мен башында "Партияга добуш алуу үчүн колдон келгенин жасайм" деп эле айткам. Мен Кадамжай округунан 3 миң добуш, андан башка эки шайлоо участкасынан алган добуштарды кошкондо 5,500 добуш жыйнап бердим. Бул жетишпейт. Бирок партиянын ичинде бир гана Бакыт Төрөбаев 11 миң добуш ала алды. Калгандарынын көрсөткүчү андан төмөн. Мисалы, кээ бирөөлөрү 1000 добуш же 600 добуш алып, бирок тизмеден чыгып кетпей коюшу дагы мүмкүн.



Журт азыр жогоруда айтылган саясий коркунучка кайсы партиядан кайсы талапкер кептелип жатканын божомолдор менен жорууда. Ошол божомолдуу маалыматта "Ата Мекен" фракциясынан Жоомарт Оторбаев да бар. Бирок **партиянын атайын ыйгарымдуу өкүлү Таалайгүл Токтакунова** бул аңызды жокко чыгарды.

– Партиянын тизмеси буга чейин эле такталып, БШКга өткөрүлүп берилген. Бул ошол тизме боюнча мандаттар ыйгарылат деген сөз. Эгерде кайсы бир талапкер өз ыктыяры менен өзүн орундан бошотуусу жөнүндө арызын билдирсе, анда анын ордуна башка талапкер келет. Ал эми Жоомарт Каипович тизменин 6-катарында турат. Бул анын мандатка ээ болушун ырастайт.

Андан тышкары "Бир бол" партиясынан бир катар саясий айымдар да бул божомолго илинген. Алсак, **диктор Лунара Мамытова** жана "Адилет" укуктук клиникасынын төрайымы Чолпон Жакупова. Мандат бөлүштүрүү маселеси боюнча Лунара айым ар кандай жыйынтык чыгып калышы ыктымал деген пикирин билдирди.



– Мен үчүн дагы бул иш сыр бойдон калууда. Мыйзам боюнча тизме такталса, анда мен 8-болуп мандатка ээ болом. Бирок ар кандай кырдаал болуп кетиши мүмкүн. Ошондуктан бүгүн бул боюнча атайын билдирүү бере албайм. Негизи эле партиянын мүчөлөрү бул тууралуу ММКга жарыялабай, купуя бойдон калтырууну чечкенбиз. Тизме партия арасында да өз ара такталып жатат. Жакынкы аралыкта БШКга берилгенден соң баары билинери анык.

Лунара Мамытова бизге гезиттин мурдагы санындагы берген маегинде башкалардай болуп депутаттыкка анчалык деле жулунбастыгын билдирген эле. Кызы, мурдагы диктор ошол принцибин дагы деле карманып отургандай. Андай болсо, бул саясий компанияга Лунара айым эмнеге катышты болду экен?

Албетте, партиялар берген тизме да өзгөрүшү мүмкүн. Кээ бир талапкерлер белгисиз себептерден улам депутат болгусу келбей калып, мандаттан баш тартуусу да ыктымал. Дагы бир учур айрым тизменин алдыңкы орунун ээлегендер депутаттыкта бир аз убакыт туруп, андан соң өз каалоолору менен кетмей дагы башталат. Өз каалоолору менен десек да чындыкка жатпай калчудай. Анткени бул саясий тутум бири-бирин коркутуу жана мажбурлоо жолу менен ишке ашары бышык. Айтор, бул иш депутаттар арасында дагы бир жолу ирмелери көрүнүп турат. Мындай окуяны өлкө беш жыл мурун башынан кечирген эле.

Депутаттык кресло демекчи, шайлоонун жыйынтыгы чыгып-чыкпай жатып, 6-чакырылыштагы эл өкүлдөрүнө 120 жаңы мамык отургучтарды сатып алуу үчүн атайын тендер жарыяланган. Тендерге 3 млн. сомго жакын акча каражаты тартылып, ар бир отургуч 22 миң 350 сомго бааланганы коомчулуктагы кызуу талкуунун өзөгү болуп берди. Кызыгы, болочоктогу депутаттар отура турган отургучтардын төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөрү болуусу шарт. Алсак, кресло булгаары менен капталып, темир бөлүкчөлөрү оор металлдар менен жасалбай, терметип, ары-бери айлануу механизмдерине ээ болушу керек жана эң негизгиси кресло 120 кг салмакты көтөрө алуусу шарт. Жогорку Кеңештин Иш башкармалыгы берген маалыматка ылайык эски отургучтар колдонууга жарабай, иштен чыгып калган. Ал эми өз учурунда ошол "эски креслолор кимге колдонууга берилет же таштандыга ыргытылабы" деген суроо жаралып, бирок ал маселе дароо эле чечилип, жарактан чыккан креслолор бат эле өз ээсин балдар үйүнөн тапканы талкууга жем таштаган. Буга чейин парламентке келе турган депутаттардын басымдуу бөлүгү капчыктуулардан деген маалыматка таянып, ансыз деле тартыш мамлекеттик бюджетке залакасын тийгизбей, өзү олтура турган креслону өзү сатып алса, капчыгын анчалык деле ойбостур деген пикирлер коомчулукта байма-бай айтылууда. Айтмакчы, шайлоо алдында азыркы парламентке өткөн партиялардын басымдуу бөлүгү депутаттык жеңилдиктерден баш тартууну колдой тургандыгын билдиришкен. Ал эми жалпы баасы 3 млн. сомго жакын акчаны чапчыган жаңы креслолор ошол жеңилдиктерге киреби же жокпу ал азырынча табышмак бойдон калууда.

Коомчулук муну ашыкча ысырап катары баалап, Жогорку Кеңештин Иш башкармалыгын түркүн какшыктар менен сындашты. Социалдык түйүндөрдүн колдонуучулары "Мен өзүмдүн отургучума ыраазымын, депутаттар силерге эмне жакпайт?" деген флешмоб жарыялап, өздөрүнүн иш үстөлдөрүн сүрөткө тартып, социалдык тармактарга жайгаштырганга чейин барышты. Алгачкы бир саат ичинде эле бул флешмобду колдогондордун саны жүздөн ашып, тез эле ЖК нын төрагасы Асылбек Жээнбековго жеткен көрүнөт. Анткени эртеси эле "төраганын буйругу менен кресло сатып алууга болгон тендер жокко чыгарылды" деген маалымат сайттарга илинди.

# Билбестик, ойчул, Путин жана тил маселеси

Карапайым калк кулак салган жергиликтүү интеллигенция билбейт. Шайлоолорго ат салышып жаткан саясий лидерлер билбегенин билбейт. Аларга акыл-насаат айтып жаткан серепчилер менен кеңешчилер билбегенин билбейт, бирок билем дешет



ЖАНСАКТА САРБАШОВ

### Билбегенди минип, билбестик менен камчыланган наадан

Орус элинин бир аз орой айтылган макалын кыргызчалаганда "Билбеген билбегенди минип алып, наадандык менен камчыланып кетип баратат" деген маанини берет. Парламенттик түзүлүштүн негизги эрежелерин билбегендик, аларды иш жүзүндө ишке ашырбагандык үгүт жана добуш берүүдө терс кесептеттерин тийгизе бермекчи.

Жалпы элдин, саясатчылардын жана серепчилердин демократия принциптери, эрежелери жана куралдары тууралуу түшүнүктөрү жөнүндө билими жетишерлик даражада болуусу зарыл экен. Ал үчүн эң биринчи шарт бул нерселерди билбегендигибизди моюнга алуубузду талап кылат. Заманбап түрк ойчулу билбестиктин үч деңгээли бар деп айткан. Биринчиси, билбейт, экинчиси, билбегенин билбейт, үчүнчүсү, билбегенин билбейт, бирок "билем" дейт. Биздин коомдук тайпаларга салыштырганда булар кимдер?

Карапайым калк кулак салган жергиликтүү интеллигенция билбейт. Шайлоолорго ат салышып жаткан саясий лидерлер билбегенин билбейт. Аларга акыл-насаат айтып жаткан серепчилер менен кеңешчилер билбегенин билбейт, бирок билем дешет.

Мен бир нерсени башкалардан жакшы билем дегенден алысмын. Тетирисинче, Айн Рэнддей философ айымдардын, Ли Куан Юдай тажрыйбалуу саясатчылардын, Владимир Познердей ойчул журналисттердин китептерин окуганга чейин "билем" дегендердин катарына өзүмдү кошуп алганыма уяла баштадым.

### Ойчулдун азыгы

Мукай аксакал кыргыз тарыхын, айрыкча Ысык-Көл өрөөнүнүн тарыхын жакшы изилдеген адам. Улуу Ата Мекендик согуш маалында жетим калып, Тоң районундагы жетимдер үйүнө тапшырылган. Согуш жылдарынын бир кышында жетимдер үйү оор абалга кабылат. Бардык имараттарын жылытканга отуну, бардык асырагандарын жазга алып чыгып кеткендей азык-түлүгү калбайт. Жетимдер үйүнүн жетекчилиги эрте мененки линейкада кыз балдарды алып калып, эркектерин сыртка чыгарганга мажбур экенин айтат. Баары өзүн да, жанындагыларды да аяп, бакырып ыйлашат. Бирок арга түгөнгөн ошол эле күнү эркек балдар сыртка чыгарылып, кайра киргизилбейт. Күнүнө бир маал тамак берилүүчү саатка чейин терезени акмалап шыкаалаган балдар түш оогондо чилдей тарап ар тарапка жөнөшөт.

Мукай аба кичине тыңыраак болгондуктан, кечке чейин бир топ жолду арбытып иет. Караңгылык көздү байлай баштаган кезде алыстан бир шоола көрүп, ошол тарапка карды жиреп кете берет. Талдан эшилген решетканы ашып өтүп, тегеренип барып, чакан үйдүн эшигин таап, босогосунан нары кулап түшөт.

Ошентип орто жаштан өткөн орус жазуучунун үйүндө жашап калат. Бардык нерсени тез өздөштүргөн Мукай аба жанын сактап калган жазуучунун бир топ ишин жеңилдетет. Ал кыргызча билбейт, Мукай аба орусча. Балким, Мукай абанын тил билбегени дайыма бир нерсени окуп, көп жазган адамга жаккандыр. Бир нече убакыттан кийин үйүр алышып калган Мукай өспүрүм бир күнү өзүнүн оюнча сонун тамак бышырат. Чайды да келтире буркурата демдеп даярдайт да, эң жакшы табакка тамакты салып, чайды чашкага куюп, жазуучунун бөлмөсүнө алып кирип, аны аста жеңинен тартып, тамакка ишаарат кылып, өзү чыгып кетет. Өзү жакшы тамактанып бүтүп, ойчулдун бөлмөсүнө баш бакса, ал тамакка карап да койбоптур. Чачтарын апсыйтып, бир нерсени бат-баттан жазып жаткан экен. Мукай тамак менен чай салынган батнасты көтөрүп чыгып, тамакты ысытып, чайды жаңыртып, батнаска салып, кайра көтөрүп кирет. Бу сапар жеңинен олбуураак тартып, "давай кушайт" деп да айтып жиберет. Ак баракка үңүлүп бир нерсени жазып аткан неме атып туруп, илинип турган курду ала калып, Мукенди чарчаганча сабайт. Мукай аксакал күлүп, "Ошондон кийин тамак жейли" демейинче тамак бербес болдум деп эскерген экен.

### Путин момундардын көңүлүн жубатымыш болду

Ишемби күнү "Россия-1" телеканалына берген маегинде ЕАЭБ боюнча өнөктөшүбүз Владимир Путин Россия Сирияда диний араздашуунун бир тарабы болуп, суннийлер менен шииттер арасында айырма кылган жок деп айткан. Ал Россиянын Сирия Араб республикасында (САР) суннийлер менен шииттердин кагылышуусуна шииттер тараптуу болуп киргендигин айтуу "жалган күмөн" жана "жалган сөз" деп белгилеген.

Россия 30-сентябрдан баштап "Ирак жана Шам ислам мамлекети" (ИШИМ) делген террорчу топко каршы өзүнүн Аба жана космостук күчтөрүн (АКК) колдонуп, бомбалоолорду баштады. Мындан сырткары Жер Ортолук деңизге кирген кемелеринен 1500 км учуп, бутасын таамай соккон жаңы типтеги ракеталарын сынап ала алды. Россиянын Сирияда шииттердин бир бутагы алевиттерден болгон Башар Асад тараптары болуусу жана Саддам Хусейнден кийин өкмөтүндө шииттер үстөмдүк кылган Ирак жана расмий дини шииттик болгон Иран менен төрттүк аскердик өнөктөштүк курду деген кабарлар тараган.

Батыштын башчылары менен прессасы орустардын Сириядагы бомбалары ИШИМди эмес, Башар Асадга каршы оппозициячыл топтордун куралдуу күчтөрүнө жана бул өлкөнүн сунний жарандарынын баштарына жаап жатат деп айтышууда. Орус тарап муну атайын уюштурулган маалымат чабуулу деп белгилеп, АККсынын бомбалары ИШИМге гана багытталып, алардын бул өлкөдөн качуусуна жана Башар Асад менен Сириянын 80%ын түзгөн сунний топторунун ортосунда диалог башталуусуна шарт түзүүдө деп белгилешүүдө.

Батыш да, Россия да Сирия менен Ирактагы кагылышууда аба соккулары менен гана чектелмекчи. Кайсы топ болбосун, алар сунний болобу, шииттер болобу же араб, күрд, түркмөндөр болобу, жерде бири-биринин канын алар төгүшөт. Россиянын Сириядагы конфликтке түздөн-түз киргүүсү рублдин курсунун сакталуусуна шарт түздү жана бул жакын арада мунайдын баасынын жогорулоосуна алып келүүсү мүмкүн.

Өнөктөшүбүз Россия Федерациясынын президенти Владимир Путиндин жогорудагы билдирүүсү дээрлик 100 пайызы суннийлерден турган россиялык жана ЕАЭБге кирген мамлекеттердеги момундардын көңүлүн жубаткандай болду. Бирок бул өлкөнүн Сириядагы кагылышууларгдагы ар бир аракети батыштык коалиция менен сунний мусулмандарынын көңүлүнүн чордонунда кала берери шексиз.

### Кайсы тил маанилүү

Сингапурду 30 жылдан ашык башкарып, үчүнчү дүйнө мамлекети абалынан эң алдыңкы катардагы өлкөлөргө айлантkan Ли Куан Ю тил маселесин да башкача чечкен. Тил саясатын бир нече этаптар менен ишке ашырган Ли сингапурлуктар сүйлөгөн кытай тилинин 7 диалекти, малай жана тамил тилдери менен англис тилинин араларында компромисс издегенге мажбур болгон. Ал тил маселесин чечүүдө эки стратегиялык максатка жетүү үчүн бул тактикалык компромисстерге барган. Биринчи максаты – сингапурлуктардын биримдиги, экинчиси – жаш сингапурлуктардын дүйнөлүк атаандашууга татыктуу болуусун камсыздоо болчу.

Бул максаттарга ылайык кытай, малай, тамил жана англис тилдери төртөө тең Сингапурдун расмий тилдери деп жарыяланган. Бирок сингапурлуктар бири-бирин түшүнүү үчүн калк аста-астадан даярдалып, англис тили орток иш тили катары кабыл алынган. Ошондуктан сингапурлуктар жок дегенде эки тилди, өз эне тили менен англис тилин өздөштүрүүсү керек болгон. Ли Куан Ю жаштардын келечегине кепил боло алчу англис тилин улутчулдук агымдарга карабастан, улам күчөтүп кете берип, бардык окуу жайлар үчүн биринчи тилге айлантkan.

Экинчи чоң көйгөй Сингапурдун калкынын 80 пайызын түзгөн кытайлыктардын 7 түрдүү диалектте сүйлөөсү болгон. Бул маселеде муундардын каршылашуусу да орун алган. Түрдүү үгүт жана мыйзам кабыл алуу компанияларынан кийин улуу муун диалектте сүйлөсө, жаш муун адабий кытай тилинде жооп берип түшүнүшкөн атмосфера жаратылган.

Улуттук баалуулуктардын жок болуп кетип, улуттун өзүн идентификациялоосу аксап калбоо үчүн мамлекет тарабынан өзгөчө каржыланган, англис тил сабагынан кем эмес сабактары кытай, малай же тамил тилинде берилген мектептер ачылган. Алардын сабактарынын көбү англис тилинде берилген мектептер менен атаандашуусу оң натыйжа берген.

# Б.Бөрүбашев: "Шайлоодо бийлик менен байлык жеңди"

Парламенттик шайлоо аяктап, жеңишке жетишкен партиялар мандат бөлүштүрүүгө киришишти. Шайлоонун оңу менен солу тууралуу саясат талдоочу Бекболсун Бөрүбашев менен маектештик

**– Парламенттик шайлоо аяктап, бир нече партиялар жеңишке жетишти. Саясий серепчи катары жалпы жыйынтыкты кандай баалайсыз?**

– Чындыгында, парламенттик шайлоого байкоо салып карап көрсөк, ким жеңди? Бийлик менен байлык жеңишке жетишти. Бийликтин жана байлыктын адамдары парламентке келди. Ошондуктан Кыргызстанда демократия бар деп айтканга болбойт.

**– Шайлоочулардын эң көп добушуна ээ болгон СДПК партиясы менен жеңишке жетишкен "Өнүгүү-Прогресс" жана "Кыргызстан" партиясы тилектеш, ымалалаш деген кептер айтылып жүрөт. Бул канчалык деңгээлде чындыкка жакын?**

– Мындай тилектештикти бир гана Кыргызстандын саясий технологдору ойлоп тапкан нерсе эмес. Бул нерсе дүйнө жүзүндөгү саясат айдыңында илгертеден бери эле колдонулуп келет. Мисалы, СДПК партиясы иштегенге жеңил болот, алар бизге, биз аларга көйгөй жаратпай, ынтымакта иш алып барабыз, атыбыз башка болсо да, затыбыз бир болот деген максатты көздөп, бир команда түзүүнү пландаштырышы да мүмкүн. Эгер ошондой экени чындыкка жакын болсо, эртең эле анык талат. Анткени ким ким менен тилектеш, ымаласы жакшы, бир максатты көздөгөн өнөктөш экени чечимдерди кабыл алууда эле көрүнүп калат. Негизинен шайлоодо ар кандай ыкма колдонулат. Эл партияларга мандат бергенден кийин ак эмгек менен иштөө зарыл. Маалымат булактарынын бири парламентке келген партиялар бир мандат үчүн 7- 9 миллион сомдун тегерегинде каражат жумшашкан деп жазыптыр. Демек, ар бир мандат үчүн чоң акча керектелген. Мисалы, ушундай жол менен кете берсек, анда карапайым адамдар эч качан бийликке барбайт, баргысы да келбейт. Шайлоонун эң негизги чен өлчөмү байлык болуп калды. Акчаны ким көп чачса, ошолор бийликке барды. Бир жагынан ишкерлердин бийликке келгени да абдан жакшы көрүнүш. Себеби алар акча жасагандарды билишет, өлкөнүн да ишкердик жактан өнүгүүсүнө салым кошушат.

**– "Бүтүн Кыргызстан – Эмгек" партиясы бул жолу да парламентке өтпөй калды. "Ата Мекен" партиясы азыраак добуш алды. Ал эми "Бир бол" партиясы эмне себептен жеңишке жетишти?**

– Ооба, кыргыз элинде "багы жок го, дагы жок" деп айтылгандай, "Бүтүн Кыргызстан – Эмгек" партиясы өтө албады. Чындыгында шайлоонун жыйынтыгы боюнча акчасы бар партиялар чыр чыгарат. Акчасы жок партиялар айылдарга барып, үгүт иштерин да жүргүзө алган жок. Алар кантип чыр чыгара алмак эле. Кантken күндө да акчасы бар партиялар келип отурап калды. Менимче, өз ара тил табышышкан болсо керек деп ойлоймун. Сен мени чукуба, мен да сени чукубайм, баарыбыз чоң табакты бөлүшүп жейли дегендей эле болду.

**– Мурдагы парламенттин курамы менен азыркы Жогорку Кеңеште кандай айырмачылыктар бар? Курамда күчтүү лидерлер барбы?**

– Парламент да мурдагы нерселерден сабак алат. Адам баласы кетирген каталарын кайрадан кайталагысы келбейт. Оңолууну көздөйт. Ошол сыяктуу эл өкүлдөрү деле ушинтип аракет кылат. Жалпысынан арасында күчтүү, саясатты түшүнгөн адамдар бар. Бирок алар парламентти артынан ээрчитип кете алабы? Парламент – мамлекеттик чоң орган. Ал жерде бардык чечим сүйлөшүүлөрдүн, макулдашуулардын негизинде кабыл алынат. Курамындагы күчтүү адамдар Жогорку Кеңешти бийик бир баскычка көтөрө алабы? Депутаттарды аркасынан ээрчитип, жол баштап кете алышабы? Ушундай маселелер бар.

**– КСДП жаштарга көбүрөөк орун берди. Башка партиялар дагы жаш муунга басым жасашты? Деги эле кандай адамдардын депутат болгону оң?**

–Бул нерсе табигый көрүнүш. Жаштарга орун бербесе болбойт. Жаштар менен тизмелерин жаңыртышты. Чындап эле СДПК партиясында жаштар көп экен. Бизде бир жаман көрүнүш бар. Парламенттин курамында аялдар, жаштар болсун дейбиз. Менимче, саясатка аял да, жаш да, кары да эмес тармакты түшүнгөн кесипкөй адамдар келиши зарыл. Билимдин, абийирдин, адамгерчиликтин, жоопкерчиликтин болушу башкы нерсе. Жаштарды министр кылып да коюудабыз. Көпчүлүгү эң жөнөкөй нерселерди билбей, түшүнбөй жүрөт? Жаштарга көрсөтүп, түшүндүрүп, тарбиялап багыт берүү зарыл.



Маектешкен
НУРКЫЗ ЖУМАБЕКОВА

# К.Боронов:
# "Табигат кырсыктары менен заманбап техника гана алпурушат"

Өзгөчө кырдаалдар министрлиги калкка кескин өзгөрө турган аба ырайы, жер титирөөлөр, селдер тууралуу 3 күн мурун маалымат каражаттары аркылуу кабар берип турат. Өзгөчө кырдаалдар министри Кубатбек Боронов министрликтин учурда колдонуп жаткан жаңы техникалар жана иш-чаралары тууралуу "Саресеп" гезитине маек куруп берди

**– Саламатсызбы, алгач сөзүбүздү техникалык жабдуулардан баштасак. Учурда Өзгөчө кырдаалдар министрлигинде техникалык жабдуулар жетиштүүбү?**

– Албетте, табигаттын терс көрүнүштөрү менен алпурушууда заманбап техникаларды колдонуу абдан чоң роль ойнойт. Азыркы техникалар боюнча айта кетсем, атайын куткаруучу заманбап унаалар жетишсиз. Негизинен өрткө каршы техникаларга, атайын шаймандарга, тик учакка муктажбыз. Акча каражаттын жетишсиздигинен сатып алуу кыйыныраак болуудa. Бирок биз эл аралык уюмдар, КМШ өлкөлөрүнүн өзгөчө кырдаалдар министрликтери менен кырсыктарды азайтуу максатында бир топ иш-чараларды ишке ашыра алдык. Маселен, 2015-жылдын март айында Азербайжан Республикасынан 5 өрт өчүрүүчү унаа алынып келинди, дагы 5 автоунаа алып келүү каралууда. 2015-жылдын биринчи жарым жылдыгында БУУнун Өнүктүрүү программасынын долбоорунун алкагында КР ӨКМдин куткаруу кызматтарын жабдуулоо максатында 172 миңден ашык АКШ долларына кошумча "Тойота Хай-люкс" маркасындагы 3 автоунаа жана куткаруучу жабдыктар алынып келди. Министрлик тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Түркия мамлекетинин Өкмөтүнүн ортосундагы Кредиттик келишимди аткаруу үчүн 2 млн. АКШ доллары-на атайын инженердик техниканы сатып алуунун биринчи этабы аягына чыгарылды. Конкурстук сатып алуулардын жыйынтыгы боюнча 14 даана атайын инженердик техника, анын ичинде 11 автосамосвал, 3 экскватор алынган. Алып келген атайын техника КР ӨКМдин өзгөчө кырдаалдардын кесепеттерин жоюу жана авариялык-куткаруу иштерин жүргүзүүчү бөлүмдөрүнө берилди.



**– Кырсыктын кесепетинен турак жайынан ажырап калган үй-бүлөлөргө кандай жардам көрсөтүлөт?**

– Турак жайлары кыйрагандар мамлекет тарабынан үч түрдүү жардам ала алышат. Биринчиси, 10 миң сом – турак-жайы азыраак жабыркап, оңдоп койсо болот деген тыянак чыккандар. Экинчиси, 50 миң сом – үчүнчү, төртүнчү, бешинчи даражадагы кыйроолордо берилчү кайтарымсыз жардам жабыркаган үйүн капиталдык ремонттон өткөрүүчүлөргө же бузуп кайрадан салгандарга берилет. Эң акыркысы – 200 миң сомдук пайызсыз насыя түрүндө мамлекеттен жардам берилет. Каражатты 20 жылдык мөөнөт менен алышат. Муну алчу жарандарыбыз үйлөрүн атайын комиссиянын текшерүүсүнөн өткөрөт, турак-жайга ээлиги жөнүндө 3-4 документ топтойт. 200 миң сом алуучулар каражатты 3 этап менен алышат: 50 миң сом – үйдүн пайдубалын курганга, 100 миң сом – дубалын көтөргөнгө, соңку 50 миң сомго үйдүн чатырын жапканга. Алуучу акча негизинен үйдүн конструкциясына эсептелген, шыбагын, майда-баратын үйдүн ээси өз эсебинен жасайт.

**– Кыргызстанда көбүнчө кандай табигый жана башка кырсыктар көп катталат? Жылына кырсыктын кесепетинен канча адам каза болот?**

– Кыргыз Республикасынын аймагында 2015-жылдын 8 айында 210 табигый жана техногендик мүнөздөгү өзгөчө кырдаал катталды. Өзгөчө кырдаалдарда 40 адам курман болду. Мисалы, кар көчкү, суу каптоо, жер алдындагы суулардын деңгээлинин көтөрүлүшү, катуу шамал, чоң өрт, жер көчкү, катуу бурганак, сел, суу каптоо жана башкалар кирет.

Маектешкендер:
ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ
АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ

# Мектепке баруу өлүмгө барабар

Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюмунун билдирген маалыматы боюнча күнүнө 1,8 миллион окуучу мектепке барат. Бирок аталган көрсөткүчтөн ар күнү 500 окуучу жол кырсыгына кабылып, үйүнө кайтып келбейт






Кыргызстанда жол кырсыгынан көз жумгандар жашарып, барган сайын сандары артууда. Жылына өлкө боюнча 5-19 жашка чейинки жүздөгөн өспүрүмдөр мектепке баратканда же болбосо кайтып келе жатып авто кырсыкка кабылышат. Натыйжада оор жаракатка дуушарланып, каза табышат. 2014-жылы республика боюнча жаш балдарга тиешелүү 1455 жол кырсыгы катталып, андан 112 өспүрүм каза тапкан. Башкача айтканда, ар 3-4 күндө бир балабыз жол кырсыгынын курмандыгы болгон.

Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин басма сөз катчысы, майор Белек Оторбаевдин айтымында, 2015-жылдын 8 айы ичинде жаш өспүрүмдөрдүн катыштыгы бар 920 жол кырсыгы катталып, 1068 бала ар түрдүү жаракат алып, 64 өспүрүм каза тапкан: "Жаш өспүрүмдөрдү жол кырсыгынан алдын алуу боюнча Жол кайгуул кызматы тарабынан жыл бою иш-аракеттер жүргүзүлүп келет. Бул иштерди ала турган болсок, биринчиден, ар бир орто билим берүү мекемелерине жол кайгуул кызматынан бирден адис бекитилген. Бул кызматкерлер мектептерге барып, жол эрежелери боюнча интерактивдүү сабактарды өтүп турат. Андан тышкары бизде жаш инспекторлор конкурсу өткөрүлөт. 2014-жылы Нарын шаарынын окуучулары жеңүүчү аталып, Казакстандагы конкурска барып катышып келишти. Жол кайгуул кызматы тарабынан мектептердин тегерегиндеги жол белгилер, шарттар көзөмөлдөнүп турат. Мектеп ичин ала турган болсок, ар бир орто билим мекемелеринде жол эрежелери жазылган плакаттар, стенддер жайгаштырылган. Ошондой эле бизде жылына 45 жолу өтүп туруучу "Абайлагыла, балдар" деген рейддер жүргүзүлөт. Эгерде жол белгилер жетишпесе, райондук администрацияларга жана мэрияларга билдирүү берилип, көзөмөлгө алынат. Жогорудагы иш-аракеттерге карабастан, жыл сайын өспүрүмдөрдүн тийиштиги бар жол кырсыктары катталат".

Жол кайгуул кызматы билдиргендей, бул жылы жол кырсыгы боюнча катталган фактылар бир пайызга төмөндөгөн.

Бул көйгөйгө автоайдоочулардын көңүлүн бурдуруу үчүн өспүрүмдөрдүн жолдон өтүүдөгү коркунучтарын чагылдырган социалдык ролик тартылган. "Бул видеоролик өспүрүмдөрдүн мектепке бара жаткан учурда жолдо өткөн убактагы коркунучтары, толкундануулары тууралуу маалыматтарды чоң адамдарга, айдоочуларга жеткирүү максатында тартылды. Негизги ой жолдогу көйгөйлөрдү көрсөтүү болгон",-дейт социалдык тасманы тарттырган "Коопсуз жол" коомдук уюму.

Кызым 3-класс болгонуна карабастан, жолдон өзүм өткөрүп турам деген Жылдыз айым төмөнкүлөргө токтолду: "Биздин конушта чоң трассадан окуучулардын өтүүсү үчүн жөө жүрүүчүлөргө арналган жол берилип, жол чийиндери тартылган. Бирок жол чырагы коюлбагандыктан жана жол кайгуул кызматкери жок болгондуктан, айдоочулар машиналарын катуу ылдамдыкта айдашат. Кичинелерге токтоп беришпейт. Чоңдор өтсө гана токтошот. Айла жок балдарыбызды өзүбүз өткөрүүгө мажбур болобуз".

Жол кырсыгы кесепетинен каза тапкан өспүрүмдөрдүн катыштыгы бар дүйнөдөгү айрым окуяларга токтоло кетсек:

- 2014-жылы Кытай провинциясында окуучуларды алып келе жаткан автобусту жүк ташуучу машина сүзүп кетип, натыйжада 14 окуучу каза болгон. Сүзгөн машинанын айдоочусу себебин уктап кеткендиги менен түшүндүргөн.
- Казакстанда 2014-жылы жолдон өтүп бара жаткан окуучуну машина сүзүп, жыйынтыгында өспүрүм окуя болгон жерден каза болгон. Айдоочу боюнда бар аял үй камагына алынуу жазасын алган.
- Россиянын Архангельск шаарында КАМАЗдын мас абалындагы айдоочусу жолдо кетип бара жаткан 15 окуучуну сүзүп кеткен. Өспүрүмдөрдүн баары оор жаракат алган.
- 2015-жылы Таиландда рулда олтурган айдоочунун уктап кеткендигинен улам 7 окуучу каза болгон.
- Австралияда айдоочу 4 жашар баласын алдына алып машина айдап бара жатып, мектептен кайтып келе жаткан 15 окуучуну сүзүп алган. Жыйынтыгында 6 өспүрүм каза болуп, айдоочу жардам көрсөтүүнүн ордуна качып кеткен.
- 2015-жылдын июнь айларында Индияда мектеп автобусун моторикша (Индия машиналары) сүзүп алып, 15 жаштагы 5 окуучу каза болгон. Алгач экөө жолдон каза тапса, калган үчөө бейтапканада дарыгерлер ордунда жок болгондуктан, оор абалда жан беришкен. Каза болгондордун ата-энелери бейтапкананы жана жумуш убактысында ордунда болбогон дарыгерлердин машиналарын өрттөп салышкан.
- Кыргызстанда акыркы 5 жылда өспүрүмдөр катышкан 5433 жол кырсыгы катталган. 5773 бала оор жаракат алып, 622 өспүрүм каза болгон. Каза болгондордун 40 пайызга жакыны жолдон өтүп бара жаткан убакта жол кырсыкка кабылгандар.

Жалпысынан дүйнөдө жылына 1 млн. 240 миң адам жол кырсыгынан курман болот. Адистердин айтымында, бул көрүнүш бул темп менен кете берсе, 2030-жылы жыл сайын 3,6 млн. адамдын каза болушу күтүлүүдө. Азыркы тапта өнүккөн мамлекеттерде жол кырсыгынан курман болуу башка өлүмдүн себептерине салыштырмалуу бешинчи орунга чыккан. Бул көрүнүш менен күрөшүүдө дүйнө өлкөлөрү кандай иш-аракеттерди аткарып жатканына көз чаптырсак:

- АКШда жылына 100 миң адам жол кырсыгына кабылып, көз жумушат. Мамлекет бул көрүнүш менен күрөшүүдө бир катар жол эрежелерин кабыл алып, айдоочуга болгон талапты катуу койгон;
- Нигерияда айдоочулук күбөлүгү жок рулга отурууга уруксат берилген. Бирок жол кырсыгы көп каттала баштагандыктан, жакын арада эле айдоочулар документ алуу үчүн милдеттүү түрдө тесттен өтүүлөрү керек деген мыйзам чыгарган;
- Швеция жол кырсыгынын көбөйүшүн ооруу катары кабыл алып, аны ликвидация кылуу үчүн мамлекет жеңин түрө өзү киришип, бир катар эрежелерди, мыйзамдарды иштеп чыккан. Соңунда жол кырсыгынан каза болуу көрсөткүчүн эки эсе азайтышкан;
- Вьетнам мамлекетинде жол кырсыгы дээрлик аз кездешет. Себеби катталган автомашиналардын 95 пайызы мотоциклдер;
- Кытайда жалпысынан 200 миллион машина бар жана жол кырсыгынан курман болгондордун саны да жыл сайын арбып барат. Мамлекет бул көрүнүштү алдын алуу үчүн бир катар иш-аракеттерди жасап келгени менен эч кандай жыйынтык бере элек.
- Россия Европада жол кырсыгынан курман болгондордун саны боюнча биринчиликте турат. Бул көрсөткүчтүн негизги себеби мас абалында болгон айдоочулардын көптүгү менен түшүндүрүлөт.

Коомубузда жаш балдарыбыздын жол кырсыгынын айынан каза таап жаткандары жан кейиштүү окуя. Айдоочулар рулду башкарып бара жатканда жөө жүргөн бирөөнүн тагдыры, жашоосу колунда бара жатканын унуттан чыгарышпаса. Ошондой эле бул көрүнүшкө бийлик органдары, коомчулук олуттуу негизде көңүл бурбаса, кимибиздин 6-16 жашка чейинки балдарыбыз мектептен үйгө кайтпай калышын билбейбиз.





# Ипотеканын оош-кыйышы

Акыркы маалыматтарга ылайык өлкөдөгү турак жайларга муктаждардын саны 400-500 миңге жакын, алардын көпчүлүгү мамлекеттик мекемелердин кызматкерлери. Турак жай маселесинен арыла албай жүргөндөрдүн катарын жаш үй-бүлөлөр да толуктайт. Буга өлкөдөгү арзан турак жай менен камсыз кылуучу бирдиктүү саясаттын жоктугу себеп болууда



БАХАР ХАКИМОВА

Бишкек шаарынын тургуну Алмаз эл катары бир үйдөн көчпөй жашоо биздин дагы кыялыбыз деп ичиндеги оюн жашырган жок.

– Чындыгында эле биз мындан бир нече ай мурун батир алганга аракеттендик. Бирок айлык акы менен батирдин баасын салыштырып болбойт экен. Мисалы, батирдин баасы 40 миң долларга жетет. Бул бизге окшогон карапайым калктын капчыгына туура келбөөчү нерсе. Өткөн жумада жашап жаткан турагыбыздан башка батирге көчтүк. Ошондо “кедей болсоң, көчүп көр дегендей”, батир алмаштыруу дагы көптөгөн кыйынчылыктарды жаратарына ынандым.



Мындай көйгөйлөрдү чечүү жолу катары кыргыз өкмөтү калкты турак жай менен камсыз кылуунун жаңы программасын иштеп чыгууда. Ага ылайык калкка өкмөт тарабынан 15 жылга 12 пайыздык үстөк менен насыя берилет. Аталган программа 1-ноябрдан баштап ишке киргизилет. Бул тууралуу **Өкмөттүн маалымат катчысы Назира Ахмедова** билдирген.

– Азыркы учурда кайсы банктар тарабынан берилери такталып жатат. Бул программаны ишке ашыруу максатында буга чейин 160 млн. сом бөлүнгөн. 1-ноябрда акыркы чечим чыгарылат. Азыр ошол маселенин майда мүчүлүштүктөрү чечилип жатат. Маселен, канча пайызда берилиши керек, баштапкы төлөм канча пайызда болуш керек деген сыяктуу.

“Үй куруучулар” партиясынын төрагасы Бейшембек Абдразаков өкмөттүн бул программасын колдойт. Бирок сунушталып жаткан 600 доллар нарк кымбат болорун айтты.

– Негизи 600 доллар туура эмес болуп калат. Анкени 1 жылдан бери көп кабаттуу үйлөр өтпөй, наркы төмөндөдү. 1 чарчы метрдин өздүк наркы жасалышына жараша 400-450 доллар болот. Ал эми 600 доллар коммерциялык баа болуп калат дагы биздин мамлекеттик кызматкерлер, мисалы, мугалим, врачтардын капчыгына туура келбейт. Андай үйгө жетиш үчүн алар 3 жыл тынбай иштеши керек болуп калат.

Бишкек шаарында 600 миңдей киши үй алуу кезегинде турат. Алардын көпчүлүгү айлыгы аз мамлекеттик мекемелерде иштегендер.

Экономика боюнча серепчи Жумакадыр Акенеев: “Бул реалдуу эсеби бар реалдуу программа. Азыркы бийликке келген партиялардын программаларына караганда орду бар жобо. Ал программа кандай аткарылат аны убакыт көрсөтөт. Анкени азыр өкмөт алмашуу коркунучунда турат”, – дейт.


# Турак жай ипотекасы сом менен берилет

Жогорудагы суроолорго жооп издеп, КР Экономика министрлигинин стратегиялык пландоо башкармалыгынын башчысы Нурадил Байдөөлөтов менен Өкмөттүн 2015-2020-жылдарга карата жеткиликтүү турак жай менен камсыз кылуу программасын талкууладык



**– Өкмөттүн турак жай менен камсыз кылуу программасы кабыл алынганы белгилүү. Айтылган программа бүгүн кайсы этапта?**

– Өкмөт тарабынан 2015–2020-жылдарга карата калкты жеткиликтүү турак жай менен камсыз кылуу программасы кабыл алынган. Бул турак жайды бардык жагынан арзандаткан комплекстүү программа. Ипотекалык насыяларды берүү бул программанын бир эле элементи катары эсептелет. Азыркы күндө турак жайга бериле турган каражатты тартуу механизмдерин иштетүү менен кошо арзан турак жайдын фондун кантип түзсө болот, Бишкек шаарында арзан турак жайды куруу боюнча жер участкаларын кантип тапса болот, мамлекеттик жеке өнөктөштүк мыйзамынын негизинде инвесторлорду тартуу боюнча стандарттык моделдерди кантип курса болот, кайсы үйдү арзан турак жай деп айта алабыз сыяктуу маселелер боюнча мамлекетте маалымат жок. Бизде жылына канча чарчы метрлик турак жай курулуп пайдаланууга берилгени тууралуу отчет бар. Колдонууга берилген үйлөрдүн арасында канчасы элиталык же канчасы социалдык турак жай экендиги боюнча классификация жок. Ошол себептен бул маселелердин баары аталган өкмөттүк программада комплекстүү каралган. Бир гана ипотека эмес, бардык маселелерди камтыйт.



**– Бул программаны ишке ашыруу үчүн Мамлекеттик ипотекалык компания түзүү керек деп айтылган. Бул боюнча кандай иштер жүрүп жатат?**

– Бул программа ишке ашып баштады. Ипотекалык механизмдин борбордук элементи катары мамлекеттик ипотекалык компания түзүү керек. Ипотека өнүккөн башка мамлекеттерде аны “ипотекалык агент” деп коюшат. Ипотекалык агенттин максаты – мамлекетте классикалык-ипотекалык системаны түзүү. Ага коммерциялык банктар, ипотека алгандар жана инвесторлор катышат. Коммерциялык банктар ипотека бергенден кийин 10–15 жыл күтүш керек болуп, колдорунда акча калбай калуу коркунучу бар. Ошондуктан ипотекалык агент турак жайды сатып алып, коммерциялык банктарда кайрадан каржылоого жөнөтө турган каражат пайда болот. Аны башка кардарларга ипотекага берүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт. Азыркы кезде бул дүйнөдөгү эң алдыңкы тажрыйба болуп эсептелет. АКШда, Орусияда чоң ипотекалык агенттиктер бар. Кыргызстан үчүн да каржылоонун жаңы жолу кирип жатканы чоң кадам. Ипотекалык компанияны түзүү боюнча өзүнчө токтом кабыл алынган. Ага ылайык Каржы министрлигине баштапкы капитал катары 10 миллион сом бөлүнгөн. Компания түзүлүп жатат. Документтери каттоодон өтүүгө жиберилген.

**– Бул программанын алкагында ипотеканы кандай шарттар менен алууга мүмкүн?**

– Кыргызстанда турак жай көйгөйү өтө оорчундуу болуп жатат. Анткени алыскы райондордон борборго келип иштегендер көп. Бул өлкөдө турак жайга абдан көңүл буруу керектигин билдирген көрсөткүчтүн бири эле. Шарттар боюнча кеп салсак, программанын ичинде 3 түрдүү атайын каржылоо схемалары көрсөтүлгөн. Азыр ошолордун механизмдери иштелип жатат.

Ижаралык турак жай модели Орусия, Казакстандыкына окшош түзүлдү. Анткени иштеген жери башка аймакта, такай жашаган жери башка жакта болсо, иштеген аймагыңыздан мамлекеттик ипотекалык компаниядан ижарага турак жай алып, төлөгөн төлөмдөрдү ипотекага жөнөткөндөй кылып келишим түзсөңүз болот. Же ижарага аласыз, же ижарага төлөгөн акчаны ипотекага төлөнгөндөй кылып келишим түзсө болот. Бул көбүнчө студенттер, мугалимдер, врачтар жана башка мамлекеттик мекемелерде иштегендер үчүн абдан ыңгайлуу болот.

**– Мамлекеттик ипотекалык компаниядан ипотека алам деген жаран кандай жолдор менен ала алат?**

– Ипотека алуу жолдору боюнча азыр иштеп жатабыз. Эгерде программаны карап көрсөк, негизги ипотеканы көзөмөлдөөчү орган катары Өкмөттүк комиссия болот. Комиссиянын мүчөлөрү жарандык коомдор жана башка байкоочулардан турат. Негизги принцип – ачык-айкын иш жүргүзүү. Өкмөттүк комиссиянын алдында такай иштөөчү топ, маалыматтык борбор түзүлөт. Ошол жерден бардык маалыматтарды алса болот. Бирок азырынча бул компания түзүлүү жолунда, ишке киргенде толугураак маалымат берилет.

**– Азыркы аз айлыкты эске алганда ипотека берүүдө жеңилдиктер каралганбы?**

– Программаны иштеп чыгуу учурунда Орусиядагы экономикалык кырдаал биз үчүн абдан чоң сабак болду. Себеби бул өлкөнүн жарандары доллар менен берилген ипотекаларды төлөөдөн кыйналып, мамлекеттен жардам сураганга аргасыз болушту. Биз мындай кырдаалды эске алып, ипотеканы сом менен берүүгө багыттайлы деген максатыбыз бар. Доллар менен берген учурда баасы өсүп кетсе, сом менен айлык алып жаткан жарандарга кыйын болот. Ипотека насыяларын алууда кезек тизмеси түзүлөт. Негизи бул жол-жоболор аягына чейин иштелип чыгып, бекитилип, анан коомчулукка жарыяланат. Программа реалдуу түрдө ишке ашат деп айта алабыз.

**– Үй куруп жаткан жаран бир себептерден улам үйүнүн курулушу аягына чыкпай калса да ипотека берилеби?**

– Бул маселе боюнча дагы жеңилдиктер каралган. Бирок үйдү куруунун баштапкы долбоору жарандын өзүнүн каалоосуна жараша болуп калгандыктан, ишке ашыруу кыйынга туруп калат. Мисалы, кандай материалдар менен курулуп жатат? Качан бүтөт? Ошол суроолор чечилген соң акча каражаты бөлүнүп берилүүсү керек.



# Чөп менен дарылануудa адистин көзөмөлү керек

Муундан-муунга өтүп келе жаткан элдик медицинада колдонулуучу дары чөптөрдүн азыркы фармацевтикалык каражаттарга караганда зыяны азыраак деген ой кеңири таралган. А бирок алар деле зыян алып келиши ыктымал. Андыктан төмөнкү нерселерге маани берүү керек дешет адистер

Чөптөрдүн түрлөрүн адамдар байыртадан бери ар кыл ооруларга каршы колдонуп келишет. Батыш медицинасына дары чөптөр оболу 1-кылымдын грек дарыгери Диоскориддин «Дары каражаттары жөнүндө» деген эмгеги менен кошо кирген. Анын эмгеги кийинки он алты кылым бою фармакология боюнча алдыңкы маалымдама болуп келген. Дары чөптөрдөн даярдалган элдик каражаттар азыр да дүйнөнүн булуң-бурчунда кеңири колдонулуп келүүдө. Германияда өкмөтү калкынын саламаттыгына кам көрүү боюнча программасына ылайык ооруган адамга жазылып берилген дары чөптөрдөн жасалган каражаттардын акысы төлөнүп берилет.

## Чөптөр дарылык касиетке ээ болушу мүмкүн

Чөптөр дарылык касиетке да, азыктык баалуулукка да ээ болушу мүмкүн. Айрым заара айдама өсүмдүктөр, айталы, ашкөк (петрушка) калийге бай. Организмден заара менен кошо чыгып кетүүчү бул маанилүү элементтин ордун ашкөк толтура алат.

## Дары чөптөрдүн даярдалышы

Чөп көптөгөн жолдор менен даярдалат. Алсак, демделип, же кайнатма, тундурма түрүндө, же компресс катары колдонулат. Чай катары даярдаганда ага кайнак суу куюп, демдеп коёт. Чөп билгилеринин айтымында, чай катары демделген чөптөрдү кайнатууга болбойт. Ал эми өсүмдүктүн тамыр-кабыгынан дарылык касиетке ээ курамын чыгарыш үчүн алар кайнатылат.

## Дары чөптөрдүн айырмачылыктары

Витаминдер менен дарылардын бир тобунан айырмаланып, чөп-чарлардын көбү азык катары каралгандыктан, ачкарын деле пайдаланыла берет. Чөптөрдү капсула түрүндө да ичүүгө болот. Ал ичкенге ыңгайлуу да, жагымдуу да. Эгерде силер чөп менен дарылануну чечсеңер, анда аны жакшы билген адистин карамагында кылуу туура болот.

## Дары чөптөр эмнеге колдонулат

Негизи дары чөптөр адам сасык тумоологондо, тамак сиңирүүсү кыйындаганда, уйку качканда, ич катып калганда, көңүл айныганда да колдонулат. Кээде олуттуу ооруларды дарылаш үчүн же аларды алдын алуу үчүн пайдаланылат.

## "Табигый" деген жазууга алданбагыла

Жалпысынан кайсы бир дары чөп эч зыянсыз деп эсептелсе да, сак болуу зарыл. Дары-дармектин көрсөтмөсүндөгү «табигый» деген жазууга алданбагыла. Чөптөр жөнүндөгү бир энциклопедияда мындай деп маалымдалат: «Чынында, айрым чөптөр өтө коркунучтуу. Бирок көптөр кооптуусун да, коопсузун да этибарсыздык менен колдоно беришет». Чөптөрдөгү химиялык бирикмелер жүрөктүн кагуу ылдамдыгына, артериялык басымга жана глюкозанын көлөмүнө таасир этиши мүмкүн. Ошондуктан жүрөгү оорулуулар, кан басымы жогорулар, зат алмашуунун бузулушуна байланыштуу оорусу барлар, мисалы, диабети барлар өзгөчө этият болуусу зарыл.

## Чөп менен дарылануудa оору күчөгөндөй сезилиши мүмкүн

Бирок көбүн эсе чөптөрдүн кошумча таасири баш оору же баш айлануу, көңүл айнуу, кызамык чыгуу сыяктуу аллергиялык реакциялар менен гана чектелет. Чөптөр грипп өңдүү абал менен же дагы башка белгилер менен коштолгон «айыгуу кризисине» түрткү бериши да мүмкүн. Чөп менен дарыланганда жеңилдөөдөн мурун оору күчөгөндөй сезилиши мүмкүн. Адатта, мындай абал чөп менен дарылануунун алгачкы баскычтарында организмден токсиндердин (уу заттардын) чыга башташына байланыштуу деп ырасташат.

## Сак болуңуз

Кээде айрым чөптөрдү туура эмес колдонуу өлүмгө алып келет. Бул этият болуунун жана билген адиске гана кайрылуунун зарылдыгын көрсөтөт. Маселен, арыктоо үчүн колдонулуп жүргөн чекенде деген өсүмдүк артериялык кан басымды да жогорулатат. Кошмо Штаттарда адамдардын чекендеден жасалган каражаттардан улам өлгөнү тууралуу 100дөн ашуун жолу маалымдалган.

## Чөп боюнча чеберлер эмне дейт

Бирок Сан-Францисколук патолог Стивен Карч: «Менин билишимче коронардык артериясынын олуттуу оорусу барлар же аны өтө көп өлчөмдө ичип алгандар гана өлүмгө дуушар болушкан»,-деп айткан.

Өсүмдүктөрдөн алынган тамак-аш кошундулары жөнүндөгү китептин автору Логан Чемберлен чөптөр зыян келтирген учурлардын акыркы жылдары каттоого алынгандарынын дээрлик баары адистердин көрсөтмөлөрүн карманбагандык менен байланыштуу экенин айткан. «Чөптөрдүн колдонууга жазылып берилген өлчөмү оптималдуу, ал түгүл азайтылган. Чөптүн сырын билген адис менен кеңешмейин, аларды өзүңөр билгендей иче бербегиле»,— дейт ал.

Чөптөр боюнча адис Линда Пейж мындай деп эскертет: «Оорунун оор түрүндө да дары чөптөрдү ченеми менен жана өлчөмүн көбөйтүп жиберүүдөн сактанып кабыл алуу талап кылынат. Узак мөөнөттө болсо да, этият дарылануу натыйжалуу болот. Ден соолукту калыбына келтирүү үчүн убакыт керек».

## Өз ара реакциялашуу

Чөптөр медициналык каражаттар менен өз ара ар кандай реакциялашып кетиши мүмкүн. Мисалы, алар дары каражаттардын организмден чыгышын тездетип, таасирин басаңдатышы же тескерисинче, күчөтүшү ыктымал. Кээде алардын кошумча таасирин да күчөтүп жиберет. Германияда депрессияга чалдыккандарга көптөгөн дарылардын организмден демейдегиден эки эсе бат чыгышын шарттаган сары чай чөп ичүүнү сунушташат. Ал дарылардын натыйжалуулугун кыйла төмөндөтөт. Ошондуктан эгер кандайдыр бир каражат ичип жүрсөңөр, дарыгер менен кеңешмейинче, чөп менен дарыланууну баштабагыла.

## Дары чөп колдонууда сак болуңуз

Чөптөрдүн дарылык касиеттери жазылган китепте мындай делет: «Эгерде адам дары чөптөр менен кошо ичкилик ичип, кокаин жана башка баңгизаттарды колдонсо же чылым чексе, бул өмүрүнө коркунуч жаратышы мүмкүн. Ооруп жаткан маалдарда андай терс өнөкөт адаттардан баш тартуу акыл менен иш кылгандык болот». Кош бойлуу жана бала эмизген аялдар да чөп менен дарылануудa этият болуулары маанилүү.

## Өзүн-өзү дарылоо коркунучу

Төмөндө адистин кеңешисиз дары чөп менен дарылануунун коркунучтары көрсөтүлдү.

– Силер эмне менен ооруп жатканыңарды билбешиңер мүмкүн;

– Өзүңөргө диагнозду туура койгон күндө да, дарылануу ыкмаңар туура келбей калышы ыктымал;

– Өзүн-өзү дарылоодон улам зарыл жана туура дарылоо кыйла кеч башталып калышы мүмкүн;

– Пайдалана турган чөбүңөр врачтын жазып берген рецептине туура келбей калышы ыктымал;

– Өзүн-өзү дарылоо кайсы бир жеңил ооруга жардам бергени менен башка олуттуу ооруну күчөтүшү мүмкүн.

Урматтуу окурман! Бул медициналык гезит эмес, андыктан чөптөрдүн же дагы башка каражаттардын жардамы менен дарылануунун жолун сунуш кылбайт. Бул материал сиздер үчүн маалымат катары гана берилди. Ден соолук менен медицинага байланыштуу чечимдерди окурмандар өз алдынча кабыл алууга тийиш. Ал эми кийинки сандарыбызда кайсы чөп, кандай ооруга дары экендиги жөнүндө маалыматка ээ боло аласыздар. Андыктан бизди күтүңүздөр!

Бетти даярдаган
ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

# К.Эралиева: «Иштен кечиксең, күтүп сыртта жүрөт»



Суроолоруму жооп берип жаткан Каныкей Эралиева эженин адамгерчилигин, жөнөкөйлүгүн көрүп, жүрөгүм жылып олтурду. Улуулукта жөнөкөйлүк бар экенине дагы бир жолу ынандым. Анын омоктуу ойлору, салмактуу сөздөрү ар бир окурманга пайдалуу деп ишенем

### Адам бир нерсеге жетүүсү керек болсо, ага убакыт коротуу керек

Балалыгым Ысык-Көлдүн жээгиндеги Кожояр деген айылда өткөн. Мен төрөлгөндө ата-энем студент болгону үчүн мени таенемдин колуна беришкен экен. Ысык-Көлдүн жээгинде чоңойгонум менин чыгармачылыгыма чоң түрткү, себеп болду десем болот. Кичинемден эле ырдаганга аябай кызыкчумун. Ал мезгилде сыналгы дагы аз болчу. Андагы ырчыларды көргөндө алар мага кол жеткис нерседей сезилген. Эгер адам бир нерсеге жетким келсе, ага убакыт коротуу керек экендигин билүүсү шарт. Ошентип көп китептерди окудум, издендим. Туугандар чогулганда ар дайым ырдап берип жүрдүм. Ал убакта "Кыргыз радиосу" биздин үйдө тынбай жаңырып турчу. Андагы ырлар көңүлүмө жакса жазып алып жаттачумун. Эсимде, эң биринчи обонум 4-класста "Китеп" деген ырга чыгарылган. Кийин сегизинчи класста бир топ ырлардын автору болуп калгам.

### Жалпы музыкалык билимди он үч жыл дегенде бүтүргөнмүн

Мектепти бүткөндөн кийин азыркы эмгектенип жүргөн Мурataалы Күрөңкеев атындагы музыкалык окуу жайга тапшырып калдым. Өзү кичине кезимде ырга жөндөмүм бар экенин көргөн ата-энем мени Нарындагы Жумамүдүн Шералиев атабызга алып барган. Ал баянда ойноп, ырдап бергенимди көрүп, "Бул кызыңарды музыкалык окуу жайга тапшыргыла" деп айткан эле. Ошентип бул окуу жайдан баянды бүтүп, композиция кружокторуна катышып жүрдүм. Ал убакта бул окуу жай Бүбүсара Бейшеналиева атындагы искусство институтунда жети жыл, азыркы Күрөңкеевде беш жыл окуп, музыкалык билимди он үч жылда бүтүргөнмүн. Биздин чыгармалар көбүнчө кичине жеткинчектер же мектеп окуучуларына басымдуулук кылат. Учурда буйруса, бала бакчадагы балдар ырдай турган "Атам, апам жана мен" деген жыйнагым төрт ырдан турган жыйнагым даяр болуп калды.

### Акча сүйлөп калган жашоодо жашап калдык

Азыркы жаштар менен биздин убактагы жаштардын тарбиясындагы айырма асман менен жердей. Биздин убакта мектепте билим берүү күчтүү эле. Жаштар ыймандуу болуп, улууну урматтап, кичүүнү ызаттап турчу. Мугалимдин айткан сөзү биз үчүн закон болчу. Чоңдорго тике карап сүйлөй алчу эмеспиз. Ал эми азыркы жаштарчы! Көбү интернет айдыңында олтуруп, убактыларын бекер коротушууда. Көп нерсеге кызыга беришпегени, китепти аз окугандарын да көп кездештирип калабыз. Ички дүйнөнүн жакырчылыгы да азыр арбып бараткандай. Азыр акча сүйлөп калган жашоодо жашап калдык. Атак-даңк болсо, мансап болсо дешет жана булардын баарын акчага сатып алабыз деп ойлошот. Сабактарын бүтүрүүдө акча керек болсо, жумушка кирүү үчүн да бир канча сумма берүү керек. Ушундай коррупцияга малынган заманда жашап жаткан учурубуз. Кыргыз эли байыркы эл, каада-салттуу эл. Ошондуктан жаштарыбыздын келечеги кең, ыймандуу болсо, акыл-эстүү болсо деп тилек кылар элем.

### Заман ошол бойдон, адамдар өзү өзгөрүлүп баратат

Жаштарыбыздын адеп-ахлагынын төмөндөп баратканынын бирден-бир себеби үйдөгү тарбиянын жетишсиздиги деп айтар элем. Себеби "Уядан эмнени көрсөң, учканда ошону аласың" деген жакшы сөзүбүз бар эмеспи. Андан кийин мектеп, коом, өзүнүн чөйрөсү да чоң роль ойноп калышы мүмкүн. Заман ошол бойдон, коом, адамдар өздөрү өзгөрүлүп баратат десек да болот.

### Чириген бай бол, бирок үй-бүлөң жок болсо, баары бир тыйын

Жашоодо аял үчүн эң чоң бакыт анын үй-бүлөсү. Себеби сен чириген бай бол, бирок үй-бүлөң жок болсо, анда баары бир тыйын. Эгер сен жашоодо бир нерседен түңүлүп, кайгырып турсаң, ошол мезгилде үй-бүлөң жаныңда болсо, анда анын баарын жеңип кетүүгө болот. Балдарың болсо, алардын амандыгы, сенин жаныңда күлүп-жайнап, небере жытын жыттатып турганы, жолдошуң экөөңөрдүн ортоңордогу ынтымак, бири-бириңе болгон ишеним бекем болсо, иштен кечиксең, сени күтүп сыртта жүрсө, бул да аял үчүн эң чоң бакыт.

### Кичинебизден менменсинүүдөн арылдык

Кудайга шүгүр, мен да аялдык бакытка жеттим десем болот. Жолдошум түшүнүктүү адам. Бири-бирибизди түшүнүп, бири-бирибизди колдоп, чыгармачылык жолдо эриш-аркактай бирге келе жатабыз. Эки уул, бир кызды тарбиялап өстүрдүк. Кудайга шүгүр, балдарыбыздын бардыгы жакшы. Чоң уулум небере жытын жыттатып, баарыбызды кубанычка бөлөдү. Буйруса, азга чөкпөй, көпкө көөп кетпей жашоо кечирип жатабыз. Бизде кичине кезибизде тарбия жакшы болгон экен. Эгер кичинемде мактанып калсам, апам "Кой кызым, ал мүнөз эң жаман нерсе" деп, бизди андай мактануудан, бой көтөрүүдөн, менменсинүүдөн тыйып турчу. Ал мезгилде көп нерсени кабыл алып жаткан учур болот экен. Ошондуктан андай мүнөздөрдү жаш кезибизден эле өзүбүздөн ары туттук.

### Кейип-кепчип наараzы болгонду жаман көрөм

Жашоодо эки нерсени туура тандоо керек деп айтылат го. Кесип жана жубай тандоо. Ал убакта агайың армиядан келип, экөөбүз бир окуу жайда, бир группада окуп калдык. Чогуу сабакка барабыз, чогуу ырдайбыз, чогуу радиолорго барып, ырларды жаздырып келебиз. Ошентип жүрүп эле бири-бирибизге жакын болуп кеттик. 1974-жылы баш кошуп, Кудайга шүгүр, азыркы күнгө чейин бирге жашап келе жатабыз. Арман жок, Кудайга ыраазыбыз, эмнени тилесек, ошол нерселерибизди берип жатат. Эгер бербесе, ага деле өкүнүп кайгырбайбыз. Негизи эле жашоодо кейип-кепчип, наараzы болуп наалыганды жаман көрөм.

**Жек көргөнү:** Жасалма сүйлөгөндөр
**Кубанганы:** Элдердин бардар жашап жатканы
**Өкүндүргөнү:** Жан дүйнөнүн кедейлиги
**Эмнени көтөрүү керек:** Маданиятты, себеби маданият менен эл таанылат
**Балдарга берген тарбиясы:** Китеп көп оку, жалган сүйлөбө
**Тарбия берүүдө:** Биринчи өздөрү үлгү болушат
**Татыктуу жашоо үчүн:** Жан дүйнөнү аруулап, изденип, иштөө керек
**Баалаган сапаты:** Сөзүнө турган, эмгекчил
**Жашоодо көп кездештирди:** Сөзүнө турбаганды

### Үй-бүлөнү сактап калууда аялдын өзгөчө орду бар

Үй-бүлөнү сактап калууда аялдын өзгөчө орду бар. Биринчи кезекте аял сабырдуу болгону жакшы. Жолдошуң менен айтышып, ажылдап туруунун эч бир пайдасы жок жана аны түшүнө билүүгө аракет кылуун керек. Ортодогу бири-бирине болгон ишенимдин бекем болуусу да негизги нерсе деп айтар элем. Биздин үйдө "сен кыйынсың, мен кыйынмын" деген нерсе жок. Экөөбүз тең бири-бирибиздин сөзүбүздү эки кылбаганга аракет кылып жашап келе жатабыз. Агайың менен түтүн булатып бирге жашап келе жатканыбызга Кудай буйруса, быйыл кырк биринчи жылдын жүзү болуп жатат.

### Жашоодогу кыйынчылык бул боло турган нерсе

Сен каалайсыңбы, каалабайсыңбы, жашоодо сөзсүз кыйынчылыктар болот. Ошол кыйынчылыктар сен көтөрө алган үчүн башыңа келип жатканын билишиң керек. Ошондуктан сен аны чыдап, сабыр кылып көтөрө билүүң керек. Биз дагы биринчи баш кошконубузда бир орус аялдын үйүнө квартирант болуп кирдик. Ал эже үйүн жыйнатып, полун, ажатканаларын жуудуруп, эшик алдыларын ар дайым шыпыртырып турчу эле. Жолдошум ал убакта кароолчу болуп иштейт болчу. Айлыгы жыйырма сом. Биздин стипендия да жыйырма сом болчу. Ушинтип окуп да, иштеп да жаныбызды багып жүрдүк. Бирок ал убакта биз "Келечекте сөзсүз мындай болобуз, андай болобуз" деп, жакшы тилектер, максаттар, кыялдар менен жашаганбыз. Буйруса, азыр ошол кыйынчылыктарды чыдап көтөрө билгенибиз үчүн Кудай жемишин берип жатат.

### Жакшыны жакшы деп айтып коюудан адамдар эринишет

Көрө албастык, бут тосуу, менменсинүү бул нерселер бизге жат көрүнүш. Жакшыны жакшы деп айтып коюудан азыр адамдар эринишет. Биз жакшыны жакшы дейбиз, жаманды жаман деп ачык эле айтабыз. Эгер бир адам мага жакпай калса, анда ага сүйлөбөй гана коём. Ар дайым ийгилик жараткан кесиптештеримди куттуктап, жылуу сөздөрүмдү арнаганга аракет кылам. Азыркы жаштарыбызга дем-күч берип, биздей, бизден да мыкты болуп чыгышына, бут тоспой, көрө албастык кылбай, аларга дем-күч, жардам беришибиз керек. Азыр жүрөк согуп турганда алдыга гана умтулуп, изденүү, окуу керектигин айтат элем.

Маектешкен
ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

# Молдо Кылыч Шамыркан уулу жазма адабияттын баштоочусу



**18-19-кылымдарда кыргыз эли дүйнөлүк көркөм маданияттан алыс болсо да, өз алдынча көркөм маданиятты жана сөз өнөрүн өнүктүрө алган эл болгон. Бул өнөр жүздөгөн жылдар бою ооздон-оозго өтүп, бүгүнкү күндөргө жете келди. Көп жактуу синкреттүү элдик оозеки чыгармачылык кыргыз элинин кийинки көркөм маданиятын калыптандырууда өзгөчө мааниге ээ болгон. Оозеки чыгармачылык өз үлүшүнөн жазма адабиятка бөлүшө турган мезгил да келип калган эле**

ТАЛГАТ ДЕРКЕМБАЕВ

### Замана агымынын пайда болушу

Кыргыз элинин Орус империясынын курамына кошулушу социалдык жактан кайра жаралуунун башаты болуп, элдин руханий турмушунда да, күндөлүк турмушунда да кескин түрдөгү өзгөрүүлөргө алып келген. Ушул учурда "Замана" деген аталыштагы адабий агым пайда болду. Калыгул олуя, Арстанбек башында турган "Замана" агымынын өкүлдөрү чыгармачылыгын оозеки өнүктүрүшкөн. Калыгул заман туурасындагы ойлорду маселдетип айтса, Арстанбек төкмөлүк өнөрдүн кудурети менен жамгырдай кылып төгүп айткан. Аларга таандык салттуу насыят түрүндөгү "Зар заман", "Акыр заман" деген поэмалар белгилүү.

"Заманачылардын" чыгармалары XIX кылымдын аягында эл турмушунда орус элинин өкүлдөрү аралаша баштаганда өзгөчө мааниге ээ болгон. Себеби тили буруу, дили буруу, дини бөлөк жат адамдардын жергебизге отурукташып, чарба күтө баштаганы диндар элибиздин түйгуларына терс таасирин тийгизген. Буга Молдо Кылычтын чыгармалары эң жаркын мисал боло алган. Өздөрүнөн мурунку жана замандаш акын-импровизаторлордон айырмаланып, Молдо Кылыч, Тоголок Молдо, Ысак Шайбеков, Абылкасым Жутакеев, Токтоораалы Талканбаевдердин кат-сабаты жоюлуп, ырларын кагаз бетине жаза алышкан. Чыгармаларынын дээрлик көпчүлүгүндө жашоо-өмүр, элдин турмуштук көйгөйү, диний карама-каршылык, социалдык маселелер козголгондуктан, бул акындардын чыгармачылыгына "заманачылар" деген ат кийинки адабият таануучулар тарабынан берилген.

Эмесе кеп кезегибизди Молдо Кылыч Шамыркан уулунун чыгармачылыгына буралы. Элибиздин алгачкы жазма акындарынын бири Молдо Кылыч Шамыркан уулу 1866-жылы көч башы чыккан Кочкор өрөөнүндө туулган. Насили манап. Кадимки сарбагыш Төрөгелди баатырдын тукумунан болгон. Атасы Шамыркан Кылыч 5 жашар курагында дүйнө салган. Бала курагынан зээндүү, чыйрак болуп чоңоёт. Жумгалдык Баян деген адамдан араб графикасында кат тааныганды үйрөнөт. Андан көп өтпөй Чүйдөн Мамбетаалы деген адамдан, Токмоктогу Закир Халфадан таалим алып, казак, татар тилинде чыккан айрым гезит-журналдарды окуй баштаган. Молдо Кылычтын ырларынын көпчүлүгү диний темада болгон. 19-кылымдын аягындагы, 20-кылымдын башындагы Кырызстандын аймагында болуп жаткан элдердин аралашып жашоосу Молдо Кылыч өңдөнгөн диндар адамдардын жан дүйнөсүнө бүлүк салган. Бул нерсени ал алгач акыр замандын белгилери катары түшүнгөн. Мындай турмуштан жийиркенип, аны кадимкидей жериген. Ата-бабалары жашап өткөн эски турмушту даңазалап, ырга айлантткан. Өзү манап тукумунан болсо дагы элди башкаруу иштерине аралашкан эмес. Кылыч колуна комуз алып, эл алдында ырдап көрбөгөн жан болгон. Өзү жашап жаткан коомду, айлана-чөйрөнү реалисттик түрдө чагылдырган. Кыргыз жеринин кооздугуна суктанып, аны жактырып ырдаган.

Молдо Кылычтын жазган эң чоң чыгармасы санат түрүндө жазылган – "Зар заман" чыгармасы болгон. Бул чыгарманы санат түрүндө жазган. "Зар заманга" совет доору орус темасын көтөргөндүгүнө байланыштуу саясий айып таккан. Ушунун айынан канча жылдар бою китеп болуп басылбай, архивде жатып калган. "Зар замандан" акыл-насаат, гуманисттик идеяларды тапса болот. Молдо Кылычтын орустарга болгон мамилесин шарттуу түрдө алгачкы жана кийинки деп, эки доорго бөлсө болот. Орустардын келишинин алгачкы мезгилинде аларга болгон чочуркоо, шексинүү, жек көрүү болсо, кийинчерээк Молдо Кылычтын орустарга болгон көз карашында өзгөрүүлөр болот. Акын алгачкы мезгилде орустар ислам динин булгап коёт, замандын алмашуусу орустарга байланыштуу деп корксо, кийинчерээк Чүй бооруундагы жаңы өзгөрүүлөрдү, эл чарбасында адам турмушун жеңилдеткен шаймандарды орустар алып келгендигин ачык айткан. Муну биз анын "Чүй баяны" аттуу поэмасынан окуп, билип алсак болот.

### Кылычтын ырларынын басылышы, изилдениши

Анын эң алгач жарыкка чыккан, 1911-жылы Уфа шаарынан басылган "Кысса-и-Зилзала" чыгармасы болгон. Бул поэмада 1911-жылы кыргыз жергесинде болуп өткөн эң катуу жаратылыш стихиясы тууралуу жазылган. Совет бийлиги учурунда Молдо Кылычтын чыгармалары биринчи жолу 1925-жылы, андан кийин 1940-жылы жарыкка чыккан. Согуш бүткөндөн кийин анын чыгармачылыгына расмий мамиле өзгөрүп, анын ырларын, чыгармаларын изилдөө иштерине тыюу салынган. Кылычтын чыгармачылыгын алгачкылардан болуп изилдеген окумуштуу Тазабек Саманчин болгон. Бул макалада Тазабек Саманчин тууралуу айтпай кетсек болбойт. Анткени ушул адам Кылычтын чыгармаларынын ысыгына күйүп, суугуна тоңуп, анын чыгармачылыгы үчүн тагдыр да күткөн. 1948-жылы Молдо Кылычтын өмүрү жана чыгармачылыгы боюнча кандидаттык диссертациясын жактаган. Ошол эле жылы "Кылыч – жазуучу акын" деген илимий монографиясын жарыялаган. Ушул чыгармасы үчүн "Буржуазиялык-улутчул жана космополит" деген күнөө коюлуп, репрессияланган. Түрмөдөн инвалид болуп чыккан. 1955-жылы акталгандан кийин Илимдер Академиясына жумушка кайра алынган эмес.

### "Буудайык"

Молдо Кылычтын көркөм мурастарынын ичинен адам менен жаратылыштын ортосундагы мамиле тууралуу бийик идеяга сугарылган мыкты чыгармаларынын бири – "Буудайык" аттуу поэмасы. Көркөмдүгү жана идеясынын бийиктиги жагынан "Буудайык" дүйнөлүк баалуулуктардан кем эмес. Чыгарманын кыскача мазмунуна кайрылып көрөлү: Кара Төлөк саятчы асманда эркин чабыттап учуп жүргөн, ээлеи кишиге карматпас, канаттуулардын төрөсү деп аталган, багынбас, баатыр куш – Буудайыкты амалын таап колго түшүрүп, ханга тартууласам, төө баштаган тогузду берет. Сандыгымды сары алтынга толтурат деп, ак эткенден так этет. Оюндагысы ишке ашып, Буудайыкты ханга тартуулайт. Хан анын тилегин ишке ашырып, чөмүчүн май, көңүлүн жай кылат. Бирок хандын колундагы Буудайык кондурса колго конбойт, таптаса тапка келбейт, үндөсө үндөккө келбейт. Айласы куруган хан калкына кайрылып: "Буудайыкты ким тапка келтирсе, каалаганын беремин", – деп жар чакыртат. Кушту тапка эч ким келтире албайт. Ошондо элдин ичинен бир кемпир чыгып: "Каалаганымды оруңдата турган болсоң, Буудайыкты кантип тапка келтире турган жолду айтам", – дейт. Хан макул болот. Кемпир: "Ханым, Буудайыкты ким кармаса, ошонун төш этинен ойгузуп, боор этине тойгузуп, канын көзүнө куйса, ошондо гана куш тапка келип, көзүнө көрүнгөндүн баарын алат", – деп сырын айтып берет. Хан Каратөлөк саятчыны дароо алдырып, зордук менен өлтүртүп, төшүн ойгузуп, ичин жарып, боор этин алып, Буудайыкка жем кылып берет. Саятчынын канын куштун көзүнө куйдуртат. Ошондон кийин Буудайык тапка келет да, тоодогуну тоодон койбой алып, түздөгүнү түздөн койбой ала баштайт. Аң уулоонун азгырыгына чыдай албай, хан Буудайыкты жаратылыштын дагы бир сырттаны болгон мүйүзү алтымыш айры Ак бугуга шилтеп жиберет. Бирок Буудайык Ак бугуга кол салбай коёт. Хандын чеги жок напсисин таш каптырып, алтындан жасалган боосун тытып, асманга атып чыгып, ай, күндү карай сызып, көздөн кайым болгон экен.

Чыгарманын мазмунуна, окуялардын өнүгүшүндөгү күтүүсүз бурулуштарга окурмандарда кызыгуу жаралат деген ой менен Молдо Кылыч тууралуу түрмөгүбүздү жыйынтыктап жатып, анын чыгармачылык өнөрканасына астейдил эмес көз караш менен назарыңыздарды буруп коюуңуздарды суранабыз, урматтуу окурман!

Биримдик Кут жаңы конушунун тургундары өкмөткө нааразычылыгын билдиришүүдө. Анткени 7 жыл мурун жерлерин кызыл китеби менен сатып алышкан. Быйыл өкмөт бул жерлердин берилиши жокко чыгарылсын деген чечим чыгарган. Жаңы конуштун тургундары моралдык жактан жабыр тарткандары үчүн өкмөттөн 50 миң доллар компенсация төлөп берүүсүн талап кылышууда





# Чудинову берген байталды Сариеви кайтарды

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

## Туура эмес трансформация болгонуна өкмөт өзү күнөөлүү

Биримдик Кут жаңы конушунун тургуну Арстан Аскарбеков премьер-министр өз токтомун өзү жокко чыгара албайт деп, төмөнкүлөргө токтолду: “2008-жылы Аламедин районундагы Лебединовка айыл өкмөтүндө жайгашкан Биримдик Кут жаңы конушунан жерлер кызыл китеби менен мыйзамдуу түрдө сатылып алынган. 7 жыл өткөн соң Кыргыз Республикасынын премьер-министри Темир Сариев 2015-жылдын 3-сентябрындагы 616-токтомунун негизинде Аламедин районунда жайгашкан бул жаңы конушту колдонуу токтомун жокко чыгаруу боюнча чечим чыгарган. 2008-жылы 574-токтом менен Лебединовка айыл өкмөтүндө жайгашкан жерден 134 гектар айыл чарба багытындагы жер калктуу конуштагы жерге которулган. Которулгандан кийин ал жерге жаңы курулуш долбоору чыккан. Айылга генплан түзүлүп, 1800 участкага бөлүнгөн. Бардыгына кызыл китептер бериле баштаган. Кызыл китептер Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматы тарабынан берилген. Бул жерлер атайын өкмөттүн токтому менен трансформация болуп, элдерге берилип, 2011-жылдан баштап үйлөр курула баштаган. 2015-жылы 3-сентябрда Башкы прокуратуранын протестине ылайык деп, өкмөт өзүнүн токтомун өзү жокко чыгарып салды. “Калктуу конуш” деген жерди “айыл чарба багытындагы жер” кылып койду. Айыл чарба багытындагы жерге үй, жол салганга, свет киргизгенге болбойт. Мыйзамдуу түрдө кызыл китеп менен алынган жерлерди мыйзамсыз деп атат. Прокуратура эми 7 жылдан кийин ойгонгонсуп, Бакиевдин убагында жерлер туура эмес трансформацияланган деп жокко чыгарууда. 7 жыл мурунку өкмөт бул жерди мыйзамдуу деп берсе, 7 жыл өткөндөн кийин башка өкмөт келип, аны алып коюп атат. Туура эмес трансформация болгонуна өкмөт өзү күнөөлүү. Бул иш айыл өкмөттөн баштап, өкмөткө чейин 5-6 инстанциядан өтөт. Бардык мекеме жетекчилери, Мамлекеттик каттоо кызматы, архитектура, администрация да кол коёт. Протест 2015-жылы 25-майда келтирилген. Иш 10 күндүн ичинде прокуратурада каралышы керек эле. Бирок бул иш 10 күндө каралбай, 4 айдан кийин каралып атат. Ошол 4 айдын ичинде элге келип, түшүндүрүү иштерин жүргүзсө болот эле да. Биз качан ызылдай баштаганда гана булар кыймылдай баштады. Өкмөт бул үйлөрдү түрттүрбөйбүз деп атат. Алар үйлөрдү түрттүрбөгөн күндө дагы биз бул үйлөрдү мыйзамдаштыра албайбыз. Биз жерлерди убагында 4 миң доллардан 6 миң долларга чейин сатып алганбыз. Бул конушка өкмөт тарабынан долбоор түзүлгөн. 7 жыл мурун баары мыйзамдуу болуп туруп, эми мыйзамсыз болуп калганы кызык. Премьер-министр өзүнүн астындагы министрлердин буйруктарын жокко чыгара алат. Ал эми өзүнүн токтомун өзү жокко чыгара албайт. Биз сотко иш кагаздарды даярдап атабыз. Эл моралдык компенсация үчүн да 50 миң доллар төлөп берүүсүн талап кылышууда. Өкмөттүн башында мурда Асан турса, эми Үсөн келип алып, Асандын буйруктарын жокко чыгара берсе, анда мыйзамдын баарын эле бузса болот экен да. 1 жыл мурун Башкы прокуратура бул жерге арест салып салган. Арест салынгандан кийин биз справка ала албай, балдарды мектепке киргизе албай, үйдү күрөөгө коё албай кыйналып жатабыз. Кээ бирлери “Айыл өкмөттөн Биримдик Кут жаңы конушунда жашайт” деген справканы акчага сатып алышат экен. Көп элдер балдарын эптеп мектепке киргизип атышат. Бул конушта жашаган 1800 түтүн адам шайлоого да барып катыша алган жок. Анткени бул жер эч жакка карабайт.


КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ
ПРАВИТЕЛЬСТВО КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

ТОКТОМ ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2015-жылдын 3-сентябры, # 616

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 11-октябрындагы № 574 “Кыргыз Республикасынын Чүй облусундагы Аламүдүн районунун аймагында жайгашкан жерлерди которуу жөнүндө” токтомунун колдонулушун жокко чыгаруу тууралуу

Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын 2015-жылдын 25-майындагы № 11/2-13 протестин аткаруу максатында, “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10 жана 35-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 11-октябрындагы № 574 “Кыргыз Республикасынын Чүй облусундагы Аламүдүн районунун аймагында жайгашкан жерлерди которуу жөнүндө” токтомунун колдонулушу жокко чыгарылсын.

2. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Премьер-министр Т.А.Сариев

## Шаардын эки тарабында эки башка мыйзам

“Мен Биримдик Кут жаңы конушунан документтери бар деп жер сатып алгам. Бул жерди сатып аларда досум Ак-Ордодон эле албайсыңбы деп айтты эле. Мен досума “Документи бар мыйзамдуу жерди сатып алам” деп, бул конуштан сатып алгам. Учурда мен сатып алган мыйзамдуу жер жокко чыгарылып атат. Досумдун сатып алган жери мыйзамдашууда. Муну кандай түшүнөбүз билбейм” – дейт **Нурлан Калыбаев.**



## Сариев элге асылбасын

75 жаштагы **Койсун Бакаева** апа бул үйдү Орусияда иштеп жүргөн кызы салып атканын айтып, эл-жерин коргогон пенсионерлерге кызыл китеби бар үйдү жокко чыгарып атканына өкмөткө нааразы болуп атканын төмөнкүчө баяндады: “Биз эми бул жерди баскынчылардай болуп басып алган жокпуз да. Бул үйдү биз Орусиядан келген акча менен салып атабыз. Силерге окшогон кыздарыбыз Орусияга акча тапканы кеткен. Ошол тапкан акча менен үй салып, жол куруп атабыз. Сариев элге асылбасын. Алар өздөрү бул жерди менчиктештирип алып, анан сатсын. Эмне болсо дагы биз бул көйгөйлөрдү айтууга акыбыз бар. Темир Сариевди биз тың бала, өз бала, элди карап жүрөт десек, ал ушунча үй-бүлө салган үйлөрдү жокко чыгарууга акысы жок. Асылса бир кишиге асылсын, элге асылбасын. Өкмөт бул көйгөйдү чечип берсин. Карапайым элди карасын. 2012-жылы 12-декабрда бул жерди алып, фундамент куюп, салып баштаганбыз. Азыркы күнгө чейин бул үй аягына чейин бүтө элек. Өкмөттүн бул жерлер жокко чыгарылсын дегени туура эмес. Алар туура ойлонсун”.



Биз бул тургундардын нааразычылыктарын, угуп Лебединовка айыл өкмөтүнүн башчысы Алкан Солтоновго жолугуу үчүн барганбыз. Анын орун басары айыл өкмөтүнүн башчысы акимчиликтеги чогулушка кеткенин билдирди. Эртеси күнү биз Лебединовка айыл өкмөтүнө Алкан Солтонов менен байланышуу үчүн жумуш телефонуна чалсак, анын ооруп калганына байланыштуу жумушка келбегенин айтышты. Ошол себептен аны менен байланышып, пикирин уга алган жокпуз.

## Кызыл китеби жокко чыгарылбагандан кийин жер ээлеринин укугу бузулбайт

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын Агроөнөр жай комплекси жана экология бөлүмүнүн башчысы Алмаз Жээналиев Биримдик Кут жаңы конушу тууралуу төмөнкүлөргө токтолду: “2008-жылы өкмөттүн токтому менен жерлер трансформация болгон. Бул жерлерге мыйзамсыз токтом кабыл алынган. Башкы прокуратурадан өкмөткө “Токтомду жокко чыгарып бергиле” деген жазма буйрук келген. Өкмөт коллегиалдык орган. 2015-жылы 3-сентябрда бул токтом өзүнүн күчүн жоготту. Бирок ошол эле учурда 2008-жылдан 2015-жылдын 3-сентябрына чейин кылынган иштердин баары мыйзамдуу деп эсептелинет. Былтыр 2014-жылы прокуратура тарабынан ал жерлерге арест коюлган. Токтом чыккандан кийин ал аресттер алынды. Биримдик Куттун кызыл китеби бар жашоочуларынын жерлери жокко чыкпайт. Укуктук-нормативдик акт боюнча мыйзам бар. Ошол мыйзамда көрсөтүлгөндөй, жокко чыкканга чейинки көрсөтүлгөн иштердин баары тең мыйзамдуу деп эсептелинет жана кызыл китептер алынбайт. Кызыл китеби жокко чыгарылбагандан кийин жер ээлеринин укугу бузулбайт. Токтомду жокко чыгаруунун астында прокуратура тарабынан арест коюлган. Аресттин негизинде талдоо жүргүзүү үчүн алардан дагы расмий түрдө кат алганмын. Буга чейинки берилген кызыл китептерге жокко чыгаруу жайылтылбайт. Биз демократиялык коом болгондуктан, аларды токтото албайбыз. Тургундар моралдык жабыркоо үчүн деп, 50 миң доллар талап кылгандары өз иштери. Түшүндүрүү иштерин жүргүзүп, Аламедин районунун акимчилигинде атайын чогулуш болгон. Ал чогулушта Биримдик Кут жаңы конушунун тургундары, Башкы прокуратура, Архитектура агенттиги, Мамлекеттик каттоо кызматынан өкүлдөр катышкан. Компенсация өндүрүү ар бир жарандын укугу. Булар өздөрүнүн укугун пайдаланып, сотко кайрылып чечип алышат”.

Биримдик Кут жаңы конушунун тургундары балдарын мектепке алып барып, справка жана насыя алууга болот. Кызыл китеп жокко чыгарылбагандыктан, жер ээлеринин укуктары бузулбайт.





# ЕАЭБ БУУнун Генассамблеясында көзөмөлдөөчү статусту алат

Россия президентинин жардамчысы Юрий Ушаков билдиргендей, ушул жылдын 19-ноябрында Евразия экономикалык биримдигине (ЕАЭБ) Бириккен Улуттар Уюмунун Генералдык Ассамблеясында көзөмөлдөөчү статус ыйгарылмакчы. Бул тууралуу ТАСС билдирди деп жазат Lenta.ru интернет агенттиги.

Ушаковдун айтымында, ЕАЭБ менен Европа биримдигинин (ЕБ) ортосундагы кызматташууга тиешелүү баштапкы документ даяр. Бул документ Белорусиянын Евробиримдиктеги өкүлү тарабынан ЕБдин жетекчиси Юнкерге тапшырылат.

Мындан сырткары ЕАЭБге кирген өлкөлөр эркин соода аймактарын түзүү боюнча Египет, Иран, Индия жана Израиль менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүдө деген Юрий Ушаков: "Чет өлкөлүк өнөктөштөрүбүз ЕАЭБ менен кызматташууга кызыкдар болгондуктан жана май айында Вьетнам менен Эркин экономикалык аймак түзүү келишими түзүлгөндүктөн, 16-октябрда ушуга окшогон долбоорлорду ишке ашыруу маселеси дагы каралмакчы", – деп белгилеген.

Буга кошумча ЕАЭБге кирген мамлекеттердин Кытай менен кызматташуусун тереңдетүү алкагында Пекиндин "Жибек жолу" экономикалык шакекчесин түзүү демилгесине ыкташуу да каралат.

## Кытай электромобилдерди заряддаган 12 миң станция курат

Синьхуа агенттигине таянып, CANEWS билдиргендей, Кытайда 2020-жылга чейин автоунааларды кубаттаган заманбап жана жогорку эффективдүү инфраструктура курулат. Аккумуляторлорду кубаттаган жана алмаштырган 12 миң станция суткасына 5 млн. автоунаага кызмат көргөзө алат.



Кытайдын Мамлекеттик электр тармактары боюнча корпорациясынын директору Ян Цин Кытайдагы электр унааларын ыкчам кубаттаган эл аралык алгачкы тармак Пекин-Шанхай, Пекин-Сянган-Аомэнь, Циндао-Иньчуань шаарларын байланыштырган даңгыр жолдорунда ишке киргизилген. Бул жолдордо салынган 133 электр кубаттоочу станциялар 2,9 миң км даңгыр жолдору менен 34 шаарды камтыйт. Бул көрсөткүчү менен аталган тармак дүйнө жүзү боюнча эң ири масштабдагы электр унааларын кубаттаган тармакка айланган.

2014-жылдын аягында Кытайда электр унааларынын саны 120 миң болчу. 2015-жылдын аягына чейин мындай автоунаалардын саны 320 миңден өтөт деп болжолдонууда.

## Сингапур 2016-жылы айдоочусуз автобустарды тестирлейт

"2016-жылдын ортосунда Сингапур бийлиги айдоочусуз автобустарды тестирлөөсүн баштайт" деп билдирет Lenta.ru. сайты.




Бул мамлекеттин өкмөтү сыноолор өтүүчү алты километрлик трассаны да белгилеп коюшкан. Бул сынактарга жооптуу катары Сингапурдун Маалымат жана байланыштарды изилдөө институту менен Изилдөө жана технологиялар боюнча Масачусетстин технологиялык институту (Singapore-MIT Alliance for Research and Technology, SMART) дайындалышкан.

Иш-чарага байланыштуу билдирүүдө: "Бир нече убакыттан кийин биз айдоочусуз автобустар убакысы менен маршруттардын тейлөөсүн каалайт элек. Муну менен биз адамга байланыштуу мүчүлүштүктөрдөн кутулат элек", – деп айтылган.

Долбоор ишке ашуусу үчүн видеокөзөмөл кылган камералар менен байкоо системасы иштелип чыкмакчы. Мындан сырткары тестирлөө жүрүп жаткан аймак бул жаңы типтеги автобустарга автотыгындар, жол кырсыктары жана жолду оңдоолор тууралуу кабарлап турган атайын электрондук аспаптар менен камсыздалат.

Бул долбоор 2015-жылдын июнь айынан бери ишке ашырылып келет. Өкмөттүк тендерге алты жергиликтүү жана эл аралык фирмалар катышкан. Алардын бирисинин гана өндүрүмү келерки жылы сынактан өтөт.

Маалым болгондой, Сингапурда коомдук транспорт адамдар колдонгон эң популярдуу тармак. Сингапурдун өкмөтү шаардагы автотыгындар менен күрөшүү үчүн автоунаа колдонуучуларга дүйнөдөгү эң кымбат салык салган. Анын өлчөмү 56 миң сингапур долларынан жогору.



# Сириядагы учактар кирбей турган аймак РФ менен чатак чыгарат

Россиянын учактары барып жаткан Сириянын жерлерин "учууга тыйуу салынган аймак" деп белгилөө Москва менен келишпестиктерди жаратат дейт АКШнын өкүлү. Бул тууралуу билдирген Вашингтондун расмий кызматкери Жош Эрнест: "Россия менен араздашып кетүү коркунучу азыркы учурда АКШнын Сирияда учууга тыюу салынган аймактарды түзүү маселесин каралбай жатканынын негизги себептеринин бири", – деп билдирди. "Мындай аймактарды түзүүнү биз азыр карай элекпиз. Бул маселенин каралар каралбасын өзүңөр ойлонуп баамдап алсаңар болот", – деди ал.

Мындай аймактарды түзүүнү колдогондорго Эрнест алгач "алар кайсы жерде болушу керек" деген башкы суроого жооп берүүнү кеңеш кылып, оюн: "Туркиядагы биздин шериктештер баш болгон айрым тараптар түрк чек арасын бойлото ушундай учуусуз тилкелерди, айрыкча, Сириянын түндүк жана түндүк-чыгыш бөлүгүндө түзүүнү сунуш кылышкан. Башкалар болсо мындай зонаны Асад менен оппозициянын кагышуулары уланып жаткан өлкөнүн батыш тарабында түзүүнү колдойт. Эгер мындай зона Дамаскка жакын түзүлсө, Россия менен чатак чыгып кетүүсү мүмкүн" деп улантты.

Акыркы үч жылда Ирак менен Сириядагы араздашууда аба соккуларынан куралданган топтордун согушкерлери эмес карапайым калк эң көп запкы чегип жатканы белгилүү. Владимир Путиндин Россиянын аскердик күчтөрүн чет мамлекетте колдонууга уруксат берүү өтүнүчүн бул өлкөнүн парламентинин жогорку палатасы болгон Федералдык кеңеш колдоп берген. Россиянын Коргоо министрлиги билдиргендей, үстүбүздөгү жылдын 30-сентябрда өлкөнүн Аба жана космостук күчтөрү Сирияда "Ирак Шам ислам мамлекети" делген террорчу тобунун жайгашкан жерлерине абадан даректүү сокку уруу менен операцияларды баштаган. Бирок батыш тарап Россия Башар Асаддын жардам суроо өтүнүчүн аткаруу менен Сириядагы кырдалды ого бетер курчутту деп баамдашууда.

# Айнура Эргешова: “Бизде спортчу - бул ат”

Эгемендүүлүккө ээ болгондон бери жергебизде улуттук оюндарга жана ат спортуна болгон кызыгуу күч алууда. Өлкөбүздө ат оюндары канчалык деңгээлде өнүгүп жатат жана мамлекет жетиштүү көңүл буруудабы? Мына ушул суроолордун тегерегинде республикалык «Аргымак» федерациясынын вице-президенти Эргешова Айнура эжекебиз маек куруп берди



**– Алгач «Аргымак» федерациясынын түзүлүш тарыхына токтоло кетсеңиз. Учурда федерацияны ким жетектейт?**

– Улуттук ат оюндарынын түрлөрү боюнча республикалык «Аргымак» федерациясы 2010-жылы 18-августта негизделген. Федерациянын башкы максаты – Кыргызстандагы ат оюндарын жана асыл тукум жылкыларды өнүктүрүү. Учурда ар бир облуста атайын облустук ассоциациялар бар. Булар республикалык федерацияга биригишет же “Аргымак” федерациясынын курамына киришет. Ар жылы ат оюндарынын ачылыш аземинин алдында мурунку жылдагы мыкты саяпкер, ат жана чабандести аныктайбыз. Учурда федерациянын төрагасы – Жунусов Адамкул Орокеевич.



Айнура Эргешова «Аргымак» федерациясынын вице-президенти

**– “Аргымак” федерациясына мамлекет тарабынан жетиштүү көңүл бурулабы же демөөрчүлөрдүн жардамына таянасыздарбы?**

– Азыр мамлекет тарабынан улуттук оюндар боюнча дирекция түзүлгөн. Мурда улуттук оюндарды өнүктүрүү борбору болчу. Дирекция мындан 2-3 жыл мурда абдан жакшы колдоо көргөзгөн. Быйыл негедир артка кетүүдө. Мисалы, 31-августтагы байгелердин акчасын азыркыга чейин ала элекпиз. Нооруздагы байгелердин акчасын май айынын аягында алганбыз. Жалпылап алганда, азыр улуттук оюндар боюнча дирекция байгелердин каражатын көтөрүп берип жатат. Ат оюндарын өнүктүрүүгө каражат бөлүнбөйт. Былтыр, мурдагы жылдары Көчмөндөр оюнун жана башка иш-чараларды өткөрүүгө жакшы жардамдашкан. Азыр иш-чараларды өз эсебибизден кылуудабыз. “Аргымак” федерациясынын облустук курамдарынын жардамдарына таянуудабыз. Мындан сырткары федерациянын төрагасы демөөрчүлөрдү табат.

**– Биздин мамлекетте жана чет жерлерде ат спортуна, асыл тукум жылкы заводдоруна канчалык кам көрүлөт?**

– Бүт дүйнө жүзүндө асыл тукум жылкыларды өндүргөндөрдү жакшы колдошот. Мисалы, Францияда атайын жер бөлүнүп, ар бир асыл тукум жылкы үчүн жыл сайын 2000 еврого чейин дотация берилет. Коңшу Казакстан да улуттук оюндарга ири каражат бөлүп, жылкы заводдорун жакшы колдоого алган. Бизде шарт оорураак десек болот. “Асыл тукум жылкыларды өндүрүү иштери менен алектенгендерге жер бөлүнсүн, жеңилдетилген өлчөмдөгү кредиттер берилсин” деген өкмөттүн токтому чыккан. Бирок жеңилдетилген кредиттер аттестациядан өткөндө гана берилет. Ал эми аттестация 3 жылдан бери өткөрүлбөй келет. Себеби өкмөт аттестацияга каражат бөлгөн жок. Ат оюндары үчүн жакшы ат майданы болуш керек. Биздеги ат майдандар өтө оор абалда. Күлүктөр абдан көп жаракат алат. Алар жаракат албашы үчүн ат майдарын оңдош керек. Чет мамлекеттерде атайын атка кандай туура отуруп, атты кандай башкаруунун баарын үйрөткөн, окуткан мектептер бар. Биздин балдарыбызга да ушундай окуу жайлар ачылышын каалар элем. Улуттук ат оюндарыбызда аттар алыс аралыкка чабылат. Атты көбүнчө 12-15 жаштагы өспүрүмдөр чабышат. Бул балдардын андан ары келечеги жок. Алардын келечеги болуусу үчүн жакын аралыкка ат чабууну киргизип атабыз. Кыргыз уулдарынын атка жөндөмү жогору болгон үчүн чет жакта өздөрүн мыкты көргөзүп, Англияда, Германияда, Россияда иштеп келип жатышат.

**– Күлүктөрдү таптоо, чабуу республикабыздын кайсы аймактарында мыкты жолго коюлган?**

– Күлүктөрдү таптоо, чабуу Ысык-Көл, Нарын, Чүй жана Талас облустарында жакшы жолго коюлуп, ушул аймактарда көбүрөөк өнүккөн.

**– Байкашыбызча, ат оюндарына түштүк аймагыбыздын күлүктөрү дээрлик катышпайт. Буга эмне себеп? Жердин алыстыгыбы же ал аймактарда күлүктөрдү таптоого болгон кызыгуунун жоктугубу?**

– Бул биринчиден, облустук администрацияга көбүрөөк көз каранды. Жетекчилерибиз ат чабыштарды өткөрүүдө көп жардам көргөзөрүн тана албайбыз. Жетекчилик жакшы колдоого албай жатат деп айта алам. Себеби түштүк аймагыбызда күлүктөрдү таптоо эң мыкты жолго коюлган учурлар болгон. Экинчиден, азыркы шартта атты кармоо өтө кымбат ышкы. Былтыр бир таңгак (гип) чөп бул жакта 400 сомго чыкса, түштүктө 600 сомго чыккан. Түштүктө атты багуудагы негизги көйгөй – жер тардыгы. Негизинен ар кайсы облустагы ат кармагандардын көпчүлүгү жылкыларын Чүйдө кармашат. Түштүк аймагынын ат ышкыбоздорун көпчүлүгү аттарын Чүйдө багышат.

**– Учурда эң мыкты жетишкендиктерге жеткен күлүктөр, жорголор кайсылар? Азыркы учурдун мыктысы деп кайсы саяпкерлерди айта аласыз?**

– Бизде жорго менен атагы чыккан чарбалар бар. Бир нече жыл бою Барон аттуу жорго жакшы чыгып, бир канча автомашина утту. Быйыл негедир чыга албай жатат. Андан соң Ганг аттуу жорго өзүн мыкты көрсөтүүдө. Көлдөгү мелдеште Вулкан аттуу жорго жеңишке жетти. Бир нече жылдан бери Тачанка аттуу күлүк да жакшы жетишкендиктерди көрсөтүүдө. Мыкты саяпкер катары Өмүралиев Керимди айтсак болот. Акыркы ат чабышта ал таптаган аттар байгеге коюлган 3 автомашинанын экөөсүн утту. Үтүров Айдар жана анын саяпкери Дүрбөлөң уулу Эдил да бул жылы көп байгелерге жетишти. “Асанбек-Ата” жылкы заводунун саяпкери Батыркулов Жеңиш таптаган күлүктөр быйыл 3-4 машина утту.

**– Федерация күлүк аттардын ээлери менен кандай иш алып барасыздар? Алар көйгөйлөр, суроолор жаралганда сиздерге кайрыла алышабы? Атайын бир жылдык календардык план бекитесиздерби?**

– Бизге саяпкер болобу, аттын ээси болобу, баары кайрыла алышат. Кайсы жерде кандай ат чабыш өтөрүн кабарлап турабыз. Адатта бизде январда же февралда чогулуш болот. Ушул жыйында кандай оюндар өткөрүлөрү сүйлөшүлөт. Бирок жыл ичинде календардык пландан сырткары да көп оюндар өтөт. “Аргымак” федерациясы баарын бириктирип турат. Кээ бир ат чабышты биз өткөрбөсөк да, уюштуруу иштери, дипломдор менен сыйлоо, медалдарды даярдап берүү, калыс дайындоо, маалымат берүү жагынан жардам көрсөтөбүз. Бизде 23-февралда Кара-Балтада, Ноорузда, 9-майда, туристтик сезондун ачылышына карата Ысык-Көлдө, Эгемендүүлүк күнүнө жана ат оюндарынын жабылыш аземине карата ат чабыш сөзсүз түрдө өтөт. Бир жылда орточо эсеп менен 30-40, кээде андан да көп оюндар өткөрүлөт. Мисалы, бир жылда Талас облусу эле 17 мелдеш өткөрдү.



**– «Аргымак» федерациясынын алдыда кандай иш-чаралары, демилгелерди бар? Жакынкы келечекте кандай иштерди колго алмакчысыздар? Быйылкы ат оюндарынын жабылыш аземине даярдыгыңыздар кандай?**

– Өнүгүү перспективасы жоктугунан чабандестер спорттон кетип калууда. Ошондуктан биз бардык саяпкерлерди жана чабандестерди аттестациялоо ишин баштасакпы деп турабыз. Союз таркаганга чейин баары аттесацияддан өтүп, 1-категориядагы, 2-категориядагы чабандес, саяпкер деген атайын категориялар берилчү. Союз таркагандан кийин Айыл чарба министрлиги бир нече жолу берди. Бирок бул баарына жеткен жок. Биз азыр бардык саяпкерлердин жана чабандестердин бирдиктүү маалымат базасын иштеп чыгалы деп жатабыз. Мындай көңүл буруунун жардамы тиет деген ойдобуз. Анын үстүнө Дене тарбия институтунда улуттук оюндардын түрлөрү боюнча атайын факультет ачылды. Мындан сырткары бир нече жыл мурун биздин оюндар боюнча калыстарга семинар өткөргөнбүз. Эми дагы өткөрүү турабыз. 4-7-ноябрда быйылкы ат оюндарынын жабылыш аземи болмокчу. Бул чоң иш-чарада аттардын көргөзмөсүн уюштуруп, эң мыкты чарбаларды аныктамакчыбыз. Спортто спортчу башкы орунда болсо, бизде спортчу – бул ат. Башкы иш бул атты машыктыруу гана эмес, жылкынын тукуму дагы өтө чоң орунду ээлейт. Аттын потенциалы анын ата-энесине да көз каранды. Ушул көргөзмөнү ат ышкыбоздору тукуму мыкты, күлүк аттар жөнүндө кабардар болуусу үчүн уюштуруп жатабыз. Эгер маселе чечилип калса, чабандестердин чемпионатын өткөрөбүз. Буга чейин мындай чемпионат Көчмөндөр оюнунда өткөн. Ат оюндарынын жабылышында элге кызыктуу болгондой кылып, чоң иш-чараларды уюштурууну каалап жатабыз. Баарын келип көрүп кетүүгө чакырмакчымын.

Маектешкен РАХАТ АКМАТОВА

# Бөбөктөргө тамак рецептери



## Бөбөккө тамак жедире албай кыйналган учурларда керeги тиер деген максатта төмөндөгү кээ бир рецептерди сунуштоону ылайык көрдүк

### Балык нан

1 жумуртка,
2 кесим кара нан,
1 чоң кесим сыр,
100 гр. сүт.

Жумуртка менен сүттү жакшылап чалып аласыз. Сырды эки кесим нандын ортосуна коюп сендвичке окшотуп коёсуз. Аны жумуртка менен сүттүн аралашмасына эки жагынан тең азыраак куюлган майга салып оодарып бышырасыз. Бул нанды акырын жагылган отто бышырган ылайыктуу.

### Өрдөк

Картошканы сууга кайнатып, кабыгын аарчыган соң аны жакшылап эзип аласыз. Пияз менен ашкөктү майда туурап коёсуз. Мындан сырткары салатка кошкон чоң жалбырактуу жыттуу чөптү даярдап алыңыз. Эзилген картошкага тууралган пияз менен ашкөктү аралаштырып, даамына жараша туз кошосуз. Андан кийин картошкадан өрдөк жасап, табактагы чоң жалбырактуу жыттуу чөптү өрдөктүн астына коюп, көзүн, оозун каалаган жашылчаңыз менен жасап койсоңуз болот.

### Помидор тамак

1 даана орточо чоңдуктагы помидор,
1 жумуртка,
1 болгар калемпири,
Бармак калыңдыгындагы сыр, ашкөк, бир аз май.

Помидор менен болгар калемпири майда, ичке болуп тууралат. Кичинекей казанга бир аз май куюп, ал ысыган соң помидор менен болгар калемпирин салып, бир аз суу кошулат. Капкагын жаап кууруйт. Помидорлор жумшагандан кийин сырды туурап, жумуртканы кошот. Даяр болгон соң үстүнө ашкөктү майда кылып туурап, үстүнө сээп коёт.

### Бөбөк нан

150 гр. сүт, 1 жумуртка,
200 гр. буудай уну,
Өрүктүн кагы менен мейиз.

Жумуртка, сүт жана унду суюк болгончо жакшылап чаласыз. Андан соң түбү тегиз көмөч казанга азыраак май куюп ысытасыз. Даяр болгон камырды өтө калың болбогудай кылып куйган соң, асты бышканча бетин коозойсуз. Кургатылган өрүктү каш, мурун, ал эми мейизди көз кылып жасайсыз. Асты жакшылап бышкан соң оодарып, бетин бир мүнөттөй бышырасыз. Муну балаңыз өзү эле колу менен кармап жей алат.

* Бетине кургатылган өрүктү койбой туруп, эки бетин бышырып алгандан кийин жарымына койдун сүтүнөн жасалган сырды коюп, сыр эригенге чейин күтөсүз. Андан соң бөлүп-бөлүп берсеңиз болот.

## Наристенин ден соолугу чың болсун десеңиз

Жаш балдардын ден соолугу чың, акыл-эстүү чоңоюусу үчүн организмге керек болгон витаминдүү азыктар менен туура тамактандыруу зарыл. Бирок бөбөктөр дарыгердин атайын көрсөтмөсү менен берилген же сиздин каалаган тамагыңызды дайым эле жей бербейт. Ошондуктан аларды тамактандыруу да бир топ эле кыйынга турат.

Бир жашка толгон бөбөктөр чоң адамдар жеген тамактарды тузу жана шекери аз өлчөмдө жей беришсе болот. Ошондуктан сиз да тамактануунузга жакшы көңүл бөлүп, жашылчаларды көп жегенге көндүрүңүз.

Жашылча кошулган тамактардын көпкө туруп калуусу витаминдердин жок болуусуна себеп болорун унутпаңыз. Ошол себептүү дайыма мүмкүн болушунча жаңы тамак даярдап жедирүүдөн эринбеңиз. Жашылчаларды бышырууда витаминдерди өлтүрбөө үчүн көпкө кууруган жарабайт. Ошондой эле кайнап бышкан тамак пайдалуу болорун эсиңизге түйүп коюңуз.

Ар бир баланын өзүнүн жактырып жеген сүйүктүү тамагы болот эмеспи. Жаш балага анын сүйгөн жашылчаларынан ар бир тамакка аралаштырып жасап берсе жакшы жейт.

Балаңызга мүмкүн болушунча экологиялык жактан таза азыктарды бериңиз. Мисалы, өрүктүн ыштап кургатылганын эмес, табигый жол менен кургатылганын колдонуңуз. Сырты начар көрүнгөнү менен анда зыяндуу дары заттар жок болот.

Камырды көптүргүчү кошулмада натрийдин карбонаты болот. Ал бөбөктөр үчүн зыяндуу. Ошондуктан бир жашка чыга элек бала үчүн таттуу жасай турган учурда көптүргүчү кошулма эмес, ачыткы эле колдонгон оң. Бир жаштан өткөн соң көптүргүчү кошулманы адаттагыдан жарымын кошуп даярдоо керек. Жаш бала мурда татып көрбөгөн тамагын алгач жактырбай жебей коюсу ыктымал. Анда ал тамакты курсагы ачканда жедирүүгө аракет кылыңыз. Акырындык менен көнүп кетет. Тамак жеген табактарынын түстүү болуусуна маани берип, түрдүү түстөгү азыктардан тамак даярдаңыз. Жашылчаларды адамдын жүзүндөй, жаныбарлардын түзүлүшүндөй кылып кесип, ар кандай формага келтирип, тамагын кызыктуу оюнга окшотуп жедирген оңой болот.



## Жолугуу

«Мээнетиң катуу болсо, тапканың таттуу болот» дешет кыргыздарда. Бул сөздүн төгүн эмес экенин эстеп, жүрөгү каалабай турса да, таң үрүл-бүрүлдө туруп, күндөгү адатынча арабасын сүйрөп базарга жол алды бала. Жолду катар жүрөк эзген суроолор менен алышып, күнүмдүк жумушунун бирин баштады. Баягы эле турмуш, баягы эле жашоо, базардын баягы эле баш айланткан ызы-чуусу. Жол талаша калганда базарчылап жүргөндөрдүн жек көрө караган көз карашы, жер-жеберине жеткире тилдегени. Ачуу сөздөр. Бир четинен мындай нерселерге көнүп да бүткөндөй.

Айылдан узатып жаткандагы энесинин жалооруй карап, «Турмуштун ысык-суугун көтөрө бил, балам. Жаман жолго баспа, анча-мынчага көз жумуп кой. Эптеп атаңа жолукканга аракет кыл. Атаң эмеспи, кантсе да жардам берет» дегенин эстеп, баарына кулак жапыра иши менен алек.

«Келиңиз эже, араба керекпи?» – деп жулкунган аялдын артынан басты эле, ал жөн гана «керек эмес» дегендин ордуна «ары тур, кыбырабай» деп тилдей бергенде эки көзүнө жаш толо жолдун четине чыга берди. Дагы бир аздан кийин чоң баштык көтөргөн кишинин артынан, «Араба керекпи, байке?», – деп ээрчиди.


«Керек», – деп арабанын үстүнө күрс дегизе койгон оор жүктү бала ийреленди сүйрөп жөнөдү. Улам кошулуп олтуруп, жүк додо болуп чыкты. Бала артына карабады, оор жүктү эптеп жетер жерине жеткирүүнү гана көздөдү. Акыры жолго да чыкты. Бир машинанын жанына жеткенде «Токтот», – деди артындагы киши.

Базардын ичинен байкас албаган баланын көзү ушул жерден бир башкача нерсени көргөндөй болду. Ооба, ал жаңылган жок. Күндөгүдөй эле чоочун кишилердин жүгүн сүйрөп келбестен, ал өзүнүн атасынын жүгүн алып келиптир. Бир саамга экөө тиктеше калды. Бала бакырып барып, моюнуна асылгысы келди, бирок атасынын мээрим төгүп, эркелете караган көз карашынын ордуна жекире караган муздак көз карашын туйду. «Кандайсың, уулум?» деп, маңдайынан сылайбы деди эле, атасы антпеди. Бейтааныш адамдай жүктөрүн салыштырып алып жүрүп кетти. Баланын жүрөгү бороондуу суукта калгандай муздады. Ооба, жүрөгү туз куйгандай ачышты. Анткени ал көптөн бери сагынып, кусаланып күтүп жүргөн ардактуу адамына жолукту. Күнүгө уктаар алдында эч кимге билдирбей, Кудайдан тиленип жүргөн атасына жолукту. Көөдөнү бопбош калды, ичиндеги сагынуу, эңсөө, баары-баары бир үшкүрүк менен чыгып кетти. Эми анын ордун жаңы сезим, жаңы нерсе уялай баштады…



# Данекбаштардын сүйүүсү

НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ



Кумурстанда бара-бара күн дагы салкындап, эртели-кеч кадимкидей суук боло баштады. Карапайым кумурскалар кычыраган кышка даярданып, күндүр-түндүр жыйым-терим менен алек. Айрыкча арык чырай, сулуусунан келген жапалдаш бойлуу кара тору кумурска канчадан бери талаага сепкен бүчүрлөрүн тере албай, тердеп-кургап жүргөнү-жүргөн. Же бир бечарага кол кабыш кылган бирөө болсочу. Баары эле "Эмне болдуң? Качан келесиң?" дегенден башканы билбейт. Кантсин, бечара кара тору. Жазында уяхан Шаша Хахамбай "Таман союшка киребиз. Баары баа болот. Казталаа менен Орсуя баарын бизден алат" дегенине ишенип, көз жеткен жердин баарына бүчүр сээп таштаган. Бирок мына күз келди дегенде "таман союштун" пайдасы тийбей, бүчүрлөрү эч нерсеге арзыбай отурат. А мындай кара торулар Кумурзстанда бирөө эле эмес да. Бүчүрүн да, буурчагын да өткөрө албай отургандар толтура.

Хайлалоо бүтсө бирдеме болор, данекбаштар бир айласын табар дешти эле, алардан деле дайын жок. Баса, данекбаштардын да өзүнчө көйгөйү бар экенин бу кара торулар түшүнмөк беле. Көрсө, алар деле карапайым кумурскалардай болуп кышка камынышат экен. Хайлалоо бүтүп, данекбаш болору менен биринчи ишти ошондон башташпадыбы. Чу дегенде эле эң керектүү жерин жылууламай болушту. Негизи Кумурстанда илгертен бери келген бир жаман адат боло турган. "Көзүм көрбөгөн соң, көчүгүмдү курт жесин" деп коюп жашай беришчү, бул жерликтер. А данекбаштар көрөгөчтүк кылып, эң биринчи ошол түшүнүктү өзгөртмөй болушту. Алар "Жамбаш аман болсунчу. Жамбаш аман болсо, баары болот" дешти да, дароо эле жамбашын жылуулашты. Чындыгында алардын бул кылыгы көпчүлүккө жакпаганы менен данекбаштарды туура тааныгандар үчүн бул эң туура чечим болчу. Себеби Кумурзстанда данекбаш болуш үчүн жамбаштан башка эч нерсенин кереги жок эле. Кай бир кумурскалар данекбаш болуш үчүн баш керек го деп жаңылып жүрсө, кай бирөө данекбаштарга бет керек го деп, туура эмес ой жүгүртчү. Анткен менен данекбаштар өздөрүнүн кайсы жери эң маанилүү экенин дагы бир жолу далилдеп коюшту.

Айтмакчы, хайлалоо алдында мыркиялар бекеринен көктөн капуста жаадырган жок да. Ошончо капуста бергенден кийин ким болбосун жыргап уктагысы келет эмеспи. Аларды да туура түшүнүш керек. Бергенин алдыңбы, эми тийишпе. Алдын жылуулап уктайбы же тарсыйтып ачып коюп уктайбы, алардын өз иши. Баса, "Онбир гол" мыркиясынын мыкчыгерлеринин бири Гакул бек Жапиро дегендин уялашы да кыйын, айтканын айткандай орундаткан неме экен. Хайлалоого чейин Кучкарага барып, "Эгер хайлалоодон мени хайлалатсаңар, силерге чырагын коюп берем" деп айтып, койчу чырагын ала барып бериптир. Бирок кийин Кучкаралыктар хайлалатпай койгон экен, кайран эргул чырагын алып баса бериптир. "Ой эмне болду?"дешсе, тиги эргул "Мени хайлалатышса коюп берем дегем. Хайлалатышпаса коймок эмесмин. Мен ошо убадамда турушум керек. Кучкаралыктар таарынбасын" дептир. Кучкаралыктар эмнеге таарынат эле. Андай айтканын айтканындай орундаткан кумурска азыр табылбайт эмеспи. Баары баракелде деп кол чаап кала беришти.

Кара тору кумурскалар баягыдай эле бүчүр сепкени бүчүр жыйнап, буурчак сепкени буурчак жыйнап, топо-чаң болуп жүрө беришти. Аларды данекбаштар дагы, манекбаштар дагы ойлогон жок. Жогорку манекбаш Темр Сар гана кээде ойломуш болуп, сүйлөп калат. Бирок анын сөзү баягыдай эле чөптүн кырында турган кыпынды да ордунан козгой албайт.

## Тегеренген эх, акча...

Тегеренген эх акча... тегеренген,
Терге нымшып, же жерде тебеленген.
Жугуму жок, куюлуп уучка турбай,
Жуулуп түшүп, кум менен тең эленген.

Байды жандап, бактуунун жары болуп,
Бапестелдиң, баа жеткис «дары» болуп.
Кембагалга буйрубай келесиң ээ?
Кеми толгон турмуштун зары болуп.

Көр оокаттын көйгөйүн женсем деген,
Ким жок дейси өзүңдү эңсебеген.
Миң кылымдап бузулбас түптүү элди,
Мигрантка да айланттың темселеген.

Дүкөн болуп намысың акчалууга,
Дүйнөнү бүт тенсиздик башкарууда.
Барк-кадыры арзыбас сомго айланып,
Баатыр уулдар, кул болуп, ач калууда.

Сормо сазга баткандай белчебизден,
Шор тер агып маңдайдан, желкебизден.
Кыздарыбыз акча үчүн кор болушту,
Кызыл гүлдөй соолушуп, эрте үзгөн.

Мансаптууну кадырлап «сиз» дейбиз ээ?
Маңкурттуктан бакытты издейбиз ээ?
Каадабызды тебелеп, болбос ишке,
Кагаз үчүн баш сайып иштейбиз ээ?

Тегеренген эх акча... тегеренген,
Терге нымшып, же жерде тебеленген.
Жугуму жок, куюлуп уучка турбай,
Жуулуп түшүп, кум менен тең эленген.

Жугуму жок, куюлуп уучка турбай,
Журт насили кум болду, себеленген

## "Ойгонуу"

Өзгөчө эмес, өңчөй ырлар жазыпмын,
Өзгөргөнсүйм... Бирок, дале жашыкмын.
Өзүмдүн ким экендигим билгенче,
Өмүрүмдүн чейрегинен ашыпмын.

Кайда алыска кетип мезгил чубактап,
Кечегимден бүгүн барам ыраактап.
Бул жашоонун баркын билбей жүрчү экем,
Бүгүн ушул Тирүүлүккө ырахмат!

Тек кетирбей мүдөө, тилек, кубатты,
Тебелебей «инсан» деген бул атты.
Жарала элек муундар бизден күтүшөт,
Жаркын күндү, аздектелген мурасты.

Жашай келсек, бул турмуштун күзүн биз,
Жашообузда бир көз ирмем, үзүмбүз.
Келгенибиз, бирок, айтчы жалганбы,
Келечекке «тепкич» болуу үчүн биз?

Эрк, ой менен оңдоп баардык абалды,
Эртеңкиге бүгүн койсок кадамды.
Акча, бийлик, мансап эмес - чынында,
Абийир гана! Адам кылат-Адамды!

Ээрчип жүрүп, жетегинде ойлордун,
Эми гана чыйралгандай ойлондум.
«Уктап» келген көрүнөмүн жашоодо,
Улуу максат, улуу Жолдо - ойгондум!

Болсо кокус, ушул Жолдо жеңилүүм,
Бошой түшсө эрким, күчүм же менин.
"Алсыз, пендем"- деп, кечирип, жөлөк бол?
Аяп жана күч бер, Улуу- Теңирим!

Кылыш үчүн заманама бир пайда,
Колдоп жана күч бер мага, Теңирим?

## Тамчылар...

Үлбүрөгөн була сымал асмандан,
Ууз, таза, жазалгандай ак кардан.
Тээ көктөгү булут ыйлап жаткансыйт,
Төгүп тамчы - айырмасыз жаштардан.

Тегиз суулап, кургак жердин жаңысын,
Тамат жамгыр, тып-тып таштап дабышын.
Же кайталап жаткансыйбы акырын,
Жер эненин жүрөгүнүн кагышын?

Табияттан келе жаткан салт улап,
Тартып солгун, кээде жаайт катуулап.
Муңун айтып, сырын айтып жаткансып,
Мукамдуу бир аваз чыгат шатырап...

Туман чалып, көчө турат нымшыган,
Тек, билгизбейм кубанганым сыртыман.
Себелеген жаандын ар бир үзүмүн,
Сезимимде нөшөрлөгөн ыр кылам.

Эх тамчылар... Ээ-жаа бербей төгүлгөн,
Эркинсиңер, каалашынча өмүрдөн.
Асман болуп жердегениң кол жеткис,
Алыссыңар! Алыссыңар, төгүндөн...!

Калган кезде көр түйшүккө жанчыла,
Кыял – күү бар, мен эңсеген тамчыда.
Аруулукка адамзатты чөмүлткөн,
Ашык болуп өткүм келет тамчыга..?

Аруулукка адамзатты чакырган,
Арзуум айтып өткүм келет тамчыга...

Ырлардын автору:
КАЛИЧА ЖАКЫПОВА

# Дүйнөдөгү 8 өзгөчө кесип

Дүйнөдө ар түрдүү ойго келбеген кесиптер бар. Адамдар кесип десе эле, дарыгер, мугалим, жактоочу, жана башка деп ойлошот. Ал эми учурдун талабына жараша башка кесиптерге окшошпогон өзгөчө кесиптер пайда болууда. Эң өзгөчө жана ойго келбеген 8 кесип менен таанышыңыздар




## Метродогу адамдарды сыгыштырып киргизүүчү

Метрого өтө эле көп сандагы адамдар түшкөндүктөн, "Метрополитенде адам сыгыштыруучу" аттуу кесип чыккан. Эртең менен адамдар мектепке жана жумушка шашкандыктан, эл көп болуп, тыгындар пайда боло баштайт. Бул маалда элдерге жардамчы болуп, элдердин ден соолугуна зыян тийгизбестен метронун вагондоруна адамдарды түртүп киргизүүчү адис иш алып барат.




## Даараткана гиди

Даараткана гиди Кытай мамлекетинде жыл сайын белгилүү кесиптердин бири болуп баратат. Бул кесиптин ээси даараткананын эшигин таба албай жаткандарга жардам берет.

## Пингвин жылдыргыч

Өзүңүздөр билгендей, кээ бир пингвиндин салмагы өтө эле оор. Ошол себептен алар көп кыймылдай албайт. Пингвиндер башка жерге жылуу учурунда чалкасынан кулаган учурлар болот. Айрыкча Антарктиканын үстүнөн көп учактар учкандыктан, пингвиндер учакты кароо учурунда кулашат. Ошол себептен "Пингвин жылдырып, тургузгуч" аттуу вакансия ачылып, бул өзүнчө жумуш катары каралат.





## Кезекте тургуч

Биринчи жолу бул кезекте туруучу жумушу Улуу Британияда пайда болгон. Тумандуу Альбиондун жашоочуларынын убактысы өтө тар болгондуктан, алардын ордуна кезекке тура турчу жалданма жумушчуларга 1 саатына 40 фунт стерлинг төлөшөт. Кезекте тургуч жумушчусу башка жумушчуларга салыштырмалуу бир топ эле көп акча табат.

## Топ жыйнагыч



Топторду жыйнагыч кесиби аябай көп айлык акы төлөнүүчү жумуштардын бири болуп саналат. Гольф оюну бардык спорт оюндарынын ичинен эң кымбаты болуп эсептелинет. Анткени сапаттуу оюн болуш үчүн оюнчулар топторду гольф таякчасы менен чапканда топторду чогултkan атайын адис алып келип берип турса, убакыт жана акча каражат үнөмдөлөт. Бул жумушта иштөөнү каалагандар арбын.



## Мышык тамагынын дегустатору

Мышыктын тамагынын дегустаторунун ишине жыттарды изилдеп, тамактын даамын жана тамагына тыгылып какап кетчү нерселерди, заттын тыгыздыгы жана коюулугун ажырата билүүсү керек. Бул адис мышыкка даярдалган ар бир порция тамакты кылдаттык менен жеп көрөт.



## Жумуртканы жыттагыч кесиби

Жумуртканы жыттоо жана сындыруу кесибинин ээси жумуртканын жаңы жана бузулбаганын жытынан аныктайт. Ошондой эле жумуртканын агы менен сарысын бири-бирине аралыштырбастан ажыратуусу керек. Бул кесиптин адиси ишин сапаттуу аткаруу үчүн өтө кылдат болуусу керек.

Бетти даярдаган АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ










Гезит ээси – ЖЧК "Горизонт Медиа" Юстиция министрлигиндеги катталуу номери – 1925

САРЕСЕП

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Гүлмайрам Бакирова

**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Рахат Акматова
**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com

**Реклама жана маркетинг:** Эдил Айдаров
Тел.: (0312) 93 65 55, (0703) 73 82 31
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru
**Design:** Горизонт Медиа

**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 93-65-55, (0312) 45-48-68
**www.saresep.kg**
**Facebook:** Саресеп гезити

**Нускасы:** 6000
**Буйрутма №** 2763
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.